
КЫДЫБАЕВА Роза
ТАБЫЛГАМ

Роза КЫДЫБАЕВА

# ТАБЫЛГАМ

Каракол-2014

**УДК12846**
**ББК 354768 (Ки1) 080**
**К18**

***Бул китептин жарыкка чыгышына демөөрчүлүк кылып, каражат жагынан көмөк көрсөтүп бергендиктери үчүн бир туугандарым Кыдыбаевдерге чын ыкласымдан чыккан ыраазычылыгымды билдирем.***

**КЫДЫБАЕВА Роза**

**К18 "ТАБЫЛГАМ"**
**(Ырлар, аңгемелер)**

**"Карга аке" басма үйү:-Каракол-2014-ж.,**
**128 б. Кыргыз тилинде. *ISBN 7666-12-345***

**«Табылгам» - автордун экинчи китеби. Жыйнакка поэзия күйөрманы Роза Кыдыбаеванын кийинки мезгилде жазган поэтикалык чыгармалары менен катар, алгач ирет проза жанрында да калем сыноор үч аңгемеси кирди. Бул чакан аңгемелерде адам турмушунун бир үзүм окуялары, тагдыр учкундары баяндалат.**

**К 4501500101-15**
***ISBN 7666-12-345***

**УДК12846**
**ББК 354768 (Ки1) 080**

**© Р.Кыдыбаева, 2014**
**© «Карга Аке» басма үйү, 2014**

# ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЭРГҮҮ, АДАБИЯТТА БИЙИКТИКТИ КААЛАЙБЫЗ!



**Акындын түйшүгү азап, санаасы көп,**
**Табуу оор терең ойдон сөздү көрктөп.**
**Аздектей ар бир сөздүн нарк, насилин,**
**Антпесе жазган ыры сазга чөкмөк,**-деп "Табылгам" китебиндеги "Акын түйшүгү" деген ырындагыдай акын кызыбыз Роза Кыдыбаева санааркап, түн уйкудан качып, ой-түрмөктөрүн чогулт -паганда мындай китеп жаралмак эмес.

Ырасында анын биринчи китеби "Аян шоораты" деп аты эле айтып тургандай элүүдөн жашы өткөндө, ыр жазуу оюнда жок Розага ата-тектеринен аян келип, аргасыз ыр түрмөктөрүн жаратууга түрткү болушканы да бир өзүнчө керемет. Анда ал ыр эмне экендигин билбей, аяндын аркасында ыр жаратса, бул экинчи китебинде турмуш, жашоо, жаратылыш, мекен, сүйүү жана башка темаларга кайрылып, накта ыр күйөрманына айланганы.

Анын ырларын окуган окурман чыгармачылыгында бир топ эле арыш керип, ыр жазуунун ыкмаларын өздөштүргөн, ар кандай маанидеги турмуштук темаларды таба билген, аны жүрөгү менен кабыл алып, жүрөгүнүн тереңинде ыр кыла сапка тизип, такшалган акындардай ыр жаратканына ыраазы боло, кыргыз адабиятына дагы бир таланттуу аялзатынын келгендигин баса белгилеп кетмекчибиз.

Кийинки учурларда Роза Кыдыбаева айлана-тегерегиндеги болуп жаткан жашоого, адам кыймылына кайдыгер карабаганы китебине кирген үч аңгемеден улам байкалууда. Китептин каармандары өзүнүн эле айланасында жүргөндөр, автор аны кыл калемдин күчү менен окурмандар үчүн жарата алды. Турмуш чындыгын жазуучулук көз караш менен кара сөзгө айландырып, адабияттын проза жанрына да кадам таштаганы кубанычтуу көрүнүш.

Сизге Роза Кыдыбаева чыгармачылык эргүү, адабиятта бийиктикти каалайбыз!

**Төлөмүш БЕКБАЕВ,**
**"Кыргыз Республикасынын маданиятынын мыкты кызматкери", Кыргыз Республикасынын журналисттер Союзунун мүчөсү.**



# Ырлар

## КАРЫБАС

Көпкө отурган карыя көңүл чөгөт,
Дене-бою талыкшып, уйку басат.
Аз болсо да алаксуу максатында,
Күрсүнүп, таяк алып сыртка чыгат.

Бүкчүңдөп, тына-тына чоң айылдын,
Сыртына келип, ташка көчүк басты.
Кең талаа ыңкып жатат алда кайда,
Жаш кезде эмгек менен далай басчу.

Айдыңга көз карегин таштап көпкө,
Олтурду өткөн күнүн эске салып.
Ал кездин шаңы кеткен ашып кырды,
Көңүлдө ак таңдардын нуру калып.

Бу талаа жаштык кездин сайраны эле,
Тамаша сөздөр чыгып, күлкү толгон.
Мезгил деген бир учкул, күлүк экен,
Эми ошо шылдырак булак соолгон.

Акыл-сезим карыбас, жашы өтсө да,
Көңүлү жибийт бир аз эскерүүдөн.
Карт денеге күч-кубат берген сымал,
Бир кыйла алыс кетти өкүнүүдөн.

## ҮМҮТ

Соолубастан жашоо өмүр булагың,
Өсүп өнгүн туура келип бир агым.
Таза болсун, тунук болсун тилегиң,
Жол көрсөтөт үмүт деген бутагың.

Тагдыр деген ар өмүрдө ар кандай,
Жаш карысын салмактабай, ылгабай.

Кээде ойлогон максатыңды таратат,
Кеч күздөгү туман баскан жылгадай.

Ооруу да бар бүркүп турган жалынын,
Бул жашоонун күңүрттөнтүп жарыгын,
Эс тандырган эл ичинде, же үйдө,
Тетир жакка бурат өмүр агымын.

Бирок үмүт ак шооладай төгүлүп,
Баш көтөрөт алды жактан көрүнүп.
Жеңиш көздөп колдон тартат алдыга,
Жел терметкен санааларды өчүрүп.
Үмүт өчпөс!
Үмүт дайым, жашоо агымга болот кут!

## БАЛА ЫРЫС

Атага шыңгыр үнү баланын чоң ырахат,
Бул дүйнөдө башка эч үнгө окшобой.
Ойноктогон наристеге карап туруп,
Ата мээри агылат дайра сымал токтобой.

Жонун тоссо атасы - күлүктөй мине калып,
Теминет учуучудай алыска күйүп, жанып.
Кереметтүү күч кошо маашыр болгон атага,
Көрсөттү бала ырыс тамашасы тартып алып.

## КАЛИПА ЭНЕ

«Кайын эне камырынан», деп эзелтеден,
Калкым кармап айтпагандыр бекеринен.
Жалынып, каймак, майын бизге төгүп,
Калый эне сөзүн таттык шекеринен,
Казынадай акылы орун алган дилибизден.

Кызыгы көп, көрө келсең бул жашоонун,
Кармап биле түзгө тартчу чоң учтугун.
Туткундаса жаман ой жан-дүйнөңдү,
Кубала алыс, ириткен ал ич-күйдүлүк,
Пейил, ниет кенендиктен салып үгүт.

Ызаат кылмак көзү өтсө да тирүүсүндөй,
Ырыс алды ынтымакты бийик үндөп.
Ыгын таап жөлөк болчу жолду ойлосок,
Ыймандуу бүлө аталган абысындар,
Ыдыратпас ага-ини баркын оболотмок.

Эне акылын туу тутуп, аздектесек,
Эстен кеткис дилибизден түзгөн калып.
Эми мына, жаш ортолоп өзүбүздөн,
Бизден да асыл сапат кийинки муун,
«Кайын эне камырынан» калсын алып.

## ЖОЛ ТАБА

Көңүлдүн күңүрт кечи коюу тартып,
Санааны тынч алдырбай удургутат.
Ушуга кошумчасын салган өңдүү,
Ызанын бир карааны карап турат.

Бул ыза кай тараптан келди экен,
Эмне үчүн көөдөнүмдөн түнөк табат?
Күтпөс жерден күңүрттүктү таратып,
«Апа!» деген кубанычтуу үн чыгат.

Карай калсам – бет алдымда неберем,
Турган экен, качып кетти ой-санаа.
Бул дүйнөнүн көйгөйүнөн алыстап,
Кубанычка жөнөп бердим жол таба.

# АЧЫК БОЛСУН

Алпештеген ата энеге, акыл айткан улууга,
Ыймандуу жүз менен ызаат кылып ийилип.
Урук тууган, курбу, курдаш, досторун,
Алып жүрсө ак ниеттин жиби болуп ийрилип,

Төрүңөрдө өстүргөн ата-энеден, улуудан,
Ак батасы шылдыраган булак болуп угулган.
«Астыңарды бала, артыңарды мал бассын»,
Мына илгерки батадан бир башкача кубулган.

Бирге кармап ой максатты, таза тилекти,
Бирге коюп, бир ыйык суудай тунук ниетти,
Бакыт таалай ыргагында оболосун оюңар,
Ачык болсун алдыдагы турмуш жолуңар!

Жаркыраган үй-бүлөлүк көркко толуп,
Өмүрүңөр узак болуп, ден соолукта болгула.
Жыпжылуу мээримдин ырахатына бөлөнүп,
Муздабас сезимдин шагына бирге конгула!

# ЖУМШАК ТҮРКҮН МҮНӨЗ

Мүнөзүңдү түрлөнткөн ысык, муздак,
Ойго сала сындай келсең күнү бүгүн.
Жылуу жумшак катуулук сезиминде,
Орноп турат белги берип миң түркүн.

Ата энелик ысыктык теңдеши жок,
Жылуу-жумшак мүнөздө бирге жүрөт.
Жаркыраган жаштыкты күн нурундай,
Сүйүү сезим пайда болот муздагы жок.

Сүйүү сезим турмуш жолдун башаты,
Алыс карма муздактыкты бир өзүңдөн.
Жакшы тилек ой менен ички дүйнөң,
Орун алсын ысык сезим жүрөгүңдөн.

## АЛБАСАМ ДА

Баа жетпес улуу акындын ырын окуп,
Байытам жан-дүйнөмдү, көңүл толуп.
Учкул канат ой-максаттуу жаш курак,
Мени менен жүргөнсүйт кошо болуп.

Ала-Тоонун ак кар баскан башына,
Булуттар жай каалгыйт байыр ала.
Карыя чыгып келип шол булуттан,
Башымдан сылагансыйт жай гана.

Тоо башында шаңшыган бүркүт уча,
Шукшурулат канат күүлөп шуулдап.
Тизгини жок, колго жукпас күндөр да,
Бирде басмырт, бирде өтөт дуулдап.

Албасам да улуу акындан мен сабак,
Көп нерсени сездим акындын ырынан.
Ата-Журттун, табигаттын келбетин,
Айкын көрдүм ажайыптуу ырынан.

## ТОКПЕЙИЛДИК

Күзгү талаа берекесин карап туруп,
Токпейилдик жан дүйнөнө пайда кылган.
Кандай сонун жазгы, жайкы саратанда,
Көгөрткөнүң, бакканың суусун куюп.

Эмгегинен үзүр көрөөр ар бир адам,
Бүт мээнетин бир ырыска айлантып.

Баласынан убай көргөн атадай,
Токпейилдик ойноп турат миң жаркып.

Айтып келет кыргыз эли күнү бүгүн,
Акыл оюн, кеп-кеңешин урпактарга;
«Өз жериңди ыйык тутсаң ар качан,
Мээнетиңдин сен көрөсүң үзүрүн».

## КАЙРА ТАРТПАС

Тери кете алка-шалка маңдайынан,
Чаң чыккандай сүйлөсө таңдайынан.
Тептегиз суусу менен кам кылуучу,
Талаада жел сылаган саамайынан.

Текебер-тентек болчу ал сөз укпас,
Шамалдай шуулдаган суу да жукпас.
Ой-максат, эмгек менен өсүп-өнгүн,
Текебер адам болбо - кайра тартпас.

## АКЫН ТҮЙШҮГҮ

Акындын түйшүгү азап, санаасы көп,
Табуу оор терең ойдон сөздү көрктөп.
Аздектей ар бир сөздүн нарк, насилин,
Антпесе жазган ыры сазга чөкмөк.

## КӨЗ КАРАШ

Көлөкөдө татына кыз ойго батты баратып,
Эмнегедир жан-дүйнөсүн сезимине канатып.
«Ээси ким? Табылабы?» мына ушул суроо,
Сезимине улам турду жалындаган от жагып.

«Ооба» деди ою уча жүрөгүнөн белги ала,
Кечээги өткөн жазгы майрам шоокумунда.

Эткөргөн эки курбу «сиздер» деп сыйлаган,
Жигиттердин арноо тилек толкунунда.

Көз карашы экөөнүн бир бирине төп келип,
Сырдуу белги бере, сүйкүмдүү карап турган.
Ичке батпас чоң сырды ала турган сыяктуу,
Көзүн албай арноо ырынан ыргак курган.

Мына ажайып, көктөм гүлдүн жыты болуп,
Бир заматта денесине нур сыяктуу жайылды.
Маңдайында ыйык сезим толгон көз караш,
Арноо айта ийилип, гүл берүүгө камынды.

## НАЗИК СЕЗИМ

Назик сезим адам үчүн кандай ыйык,
Жүрөктөргө жаркырата нур берген.
Толкундантып жан эргитээр артынан,
Созолонтуп миң ыргактуу үн берген.

Жашылданган гүлдөгөн бак ичинде,
Назик сезим күч алат, жашылданат.
Ыргагында суу сыяктуу соолубаган,
Сезимиң да бак сыяктуу тамырланат.

Кандай кызык назик сезим бир башкача,
Жаштыгыңдын толкуп турган убагында.
Жадыраган жазы болуп ал өмүрдүн,
Сүйүү сезим пайда кылаар ыргагында.

Көктөмдөгү мандалак гүл ачкандай,
Ал ыргактан өз бактыңды табасың,
Бир мээрим назиктиктен пайда болуп,
Наристенин жытын искеп каласың.

## ЭНЕ БАК

Жаз башы бүчүр алып, баш алып,
Жайдар мүнөз жаштык кези бак-дарак.
Жазгы бүчүр, жалбырагын жаратып,
Жел сыласа - үнү чыгат шуудурап.

Эрке мүнөз жашылданган жалбырак,
Энесиндей бакыт каалап бак турат.
Тарам-тарам шактарынан толтура,
Тамырынан бардыгына кам кылат.

## КЫРГЫЗ КАЛКЫМ

Көңүлгө орной түшөт ажайып бир ырахат,
Көркөмү тартып турса табигаттын.
Бул көрүнүш чоң эргүүнүн кушу болуп,
Конгондой чокусуна бийик шактын.

Мейкин талаа - кенен пейил нурдуу жүз,
Кыргыз калкым багыт алган жолдон түз.
Ынтымактуу мамиледен бекемделет элибиз,
Жакшылыктын жаңырыгы алсын күч.

Кыргыз калкым асабасын бекем кармап,
Арыш алчу татаалдыкта талыкпастан.
«Ырыс алды ынтымактан» өсүп, өнө,
Элге ырыс жер болуучу биздин аймак.

## ТАҢКЫ НУРДАН

Жанга көндүм уйкучулук айынан,
Таң атканын сезбей уктап калыпмын.
Ыргып туруп, чала-була чач тарап,
Барчу жерге жөнөп калдым мен шашып.

Ишене албас ар бир талын өзүнчө,
Илбериңки шуу-шуу этет жумшак жел.
Жан дүйнөдө сулуулукту билдирип,
Чачтан сылап, айткан сымал «бери кел».

Уктоо болбос, эмгек күчөп турганда,
Таңдан туруп, сергек өмүр сүрөлү.
Таңкы желди саамайларда сапырып,
Таңкы нурдан кубат алып жүрөлү.

## КЫШ БОЮ

Күчүмө күч кошкондой бул береке,
Күз белеги - шагын ийген мөмө терем.
Жаз, жай баккан эмгегим бекер кетпей,
Жемишин берип жатат мына кенен.

Кызыл алма, алмурут шагын ийсе,
Кызыл жүздөр турган өңдүү тигилип.
Кыз кезектин кылыктарын эстетип,
Жаштык күндөр келет эске тизилип.

Карачы, күз нак береке жолун кылды,
Күткөн олжо ашып түшүп, толтурду.
Кубаныч-токпейилдик жүз тартуулап,
Дасторконду бүт кыш бою толтурду.

## БИРИГЕ

Маанайлар жаркып турса ачык күндөй,
Күлкүлөр - шылдыр аккан таза булак.
Күүсүндө чоң табигат - бириге бүлө ырыс,
Кубанычым көңүлүмдү турган курчап.

Көңүл толот, телегейим тегиз болуп,
Көрктүү, шоктуу күч ала бала жорук.
Көз салуудан сөзүң да табигаттай,
Жуурулушкан окшоштук турсаң жоруп.

Түн, Ай жаңыра жылдыздар жыбыраган,
Түркүн мүнөз, кыз баладай жымындаган.
Жүрөккө куш конгондой, көңүл куунак,
Көк асман жакшы ыр сунуп кымыңдаган.

## ЫСЫК-КӨЛҮМ

Ак жалдуу толкун чачкан Ысык Көлүм,
Көрүнүшүң арыш алган күлүктөрдөй.
Көңүлүм алып учат кошо толкуй,
Күлүктү таптай калчу саяпкердей.

Күр-шары чоң таймаштай угулганы,
Көл толкуну булчуңдары чыңалган.
Душманга сүр көрсөткөн баатырдай,
Жээк чапчып, кайра артына бурулган.

Көк шалчасы жел тийсе үлбүрөгөн,
Көздөрү чагылышкан Ай нуруна.
Эне сындуу сергитип турган жанды,
Ысык-Көлүм алган өңдүү кучагына.

## ЫРЫМА

Келсе да жан дүйнөмө ырым кечтеп,
Кетирбей кармаганга шашам эптеп.
Кытыгылап ичте ойносо бала сымал,
Чыгарсам, чүкө сымал бирден экчеп.

Тизмектешип сөздөр келсе белги берип,
Арты артынан удургутаар демди берип.
Арыш алган ой канатка күч болсун дейт,
«Акыл ой», акыл данек сөздү берип.

Кандай кызык түйшүк күчөп турганда,
Күтпөс жерден ойго ыр келе калганда.

Күнүмдүк көр түйшүктөр унутулуп,
Калем менен сырдашам мен таңында.

Сөз булагы арты артынан куюлушуп,
Нугун тапса шылдырап агат экен.
Ыр пирин сылай алсаң саамайынан,
Дирилдеп жүрөк кылын кагат экен.

Көңүлгө шаң толтураар жүз жаркыта,
Көөдөнгө эргүү берип чыгып турсаң.
Көйкөлгөн көк ишберде куш сыяктуу,
Ырларым да сырдуу боло, нуктуу чыкса.

Кеч келсе да бул ырыскым, бек кармай,
Эл журтума, жериме белек кылсам дейм.
Жүзүм жаркый кенен, кенен дем алып,
Таза үн менен кең арымдай бассам дейм.

## ЖАЗЫП АЛСАМ

Кирип чыгам, жетпегенсийт бир нерсе,
Күн көргөзбөй, булут чүмкөйт өзгөчө.
Кичинеден «тып-тып» тама күч алган,
Келген жаандан жооп алчудай өзүмчө.

Колго тийди бүтпөс тема бириндей,
Катар сөздүн нугун таппай бүлүнгөн.
Баштап коюп, жарымдата калтырып,
Туура болбос кирип-чыгып мен жүрсөм.

Жаан төгөт, ой кыялым нук ийлей
Колдо калем, сөз кирпичче тизилет.
Чарт эткен чагылгандын жарыгынан,
Көөдөнгө таза, тунук бир ой кирет.

Жаан өттү шатыраткан, сергиткен,
Табигат да жашылдана жашарып.

Бир жакшы ыр жазып алсам жан дүйнөм,
Уста сымал үйүн бүткөн кубанып.

## НАК БЕРЕКЕ

Кенен талаа, эмгекчил маңдай терден,
Турмуш өзү гүлдөгөн, түр асемделген.
Карачы - канча курак шылдыр үндүү,
Мөлтүр суудан тирдене көрккө келген.

Арпа – буудай сары түстө жайкалган,
Бул тирликке тирек болгон ыйык нан.
Тигил жакта жашыл беде ыргалып,
Нак береке алып келет – көңүл шаң.

## МУРАП ДИЛИ

«Жерим сууга абдан кансын» оюнда,
Мурап турат талаага көз жиберип.
«Элдин наны арбын болсо экен» деп,
Кетмен менен сууну турат имерип.

Чеке терин куюлтуп, кетмен чабат,
Таңдан кечке бир тынбайт ушу сугат.
Маараке той, берекеден кабар берип,
Чалкыйт талаа, а мурап кубаттанат.

## КЫЗ КУРАК

Терезеден орун алган түрдүү гүл,
Көз кубантып, тартуулайт ырахатты.
Өтүп кеткен мезгил кайра келгендей,
Бир сезим эстеткенсийт кыз куракты.

Көз жоосун алган гүлдөр ачып бүрүн,
Табышмактуу көрүнөт бүт айлана.

Табылбас, же болбосо кайрылбасты,
Табуучу табигаттан кыялдана.

Толгоно ой саптадым бир четинен,
Жаштыкка толгон курак кезегинен.
Бу дүйнө сулуулуктан бүткөн сымал,
Табигат жан дүйнөнү экиленткен.

Терезеде гүлдү карап, толкунданып,
Толтура ички дүйнөм кубанычка.
Табышмагы табият чакыргандай,
Татына кыз курактын чабытына.

## СҮЙҮҮ

Сүйүү сезим оболойт, ойлорду үйүп,
От сыяктуу алоолонуп жанып күйүп.
Жаңылыштык жаш кезде алып келип,
Арманда калгандар көп, көксөп жүрүп.

Махабаттан жолун таппай калганда,
Ойго батат ошол адам карганда.
Жалын берген сүйүү кээде муздатат,
Керек болсо салып коюп арманга.

Таптай бил сүйүү жолун жеңилбеген,
Жашай бил жакшы көргөн теңиң менен.
Жайдар жүз жарың турса бактылуусуң,
Жаркырап Айдай көркөм сезим менен.

## КЕНЕНДИКТЕН АЛАСЫҢ

Кырт-кырт оттой тынбаган короосунан,
Кой-козусу кошунанын куйрук чайкай.

Эмгекчил, жаны тынбайт, малы арбын,
Көз салып карап турам четтен байкай.

Ой-кыял токтоо билбес жаш кулундай,
Тынч албай даң салышат алда кайда.
Чыныгы эмгек кылган адам гана,
Жашоодо көрөт тура майнап, пайда.

Пейил тартат - жашоо нугу түз жолго,
Аракетчил кимге болсун жаккан жан.
Убакытты бекер, текке кетирбей,
Кези келип турганында шамдай жан.

Ичи тардык, көрө албастык жолуна,
Кадам таштап, кокусунан салба арыш.
Жашоо наркын кенендиктен аласың,
Ак эмгектен баар табуу – бул парыз.

## ИЧКИ ДҮЙНӨ АЯНЫ

Түшкө кирип мээримин чачкан жылуу жүз,
Аян берет - ички дүйнөң өзгөрүүсүн кабыл ал.
Акырындан сырын тарта тереӊ ойду калчагын,
Же болбосо суу сыяктуу агылтып нугуна сал.

Карапайым сөз түрмөк өзгөрүлө чыгат дешти,
Ырга айлана түрлөнүп, көркөмдүккө ал толуп.
Тоону карай улуулары табигаттын отургандай,
Чокулары аталардын калпагындай аппак болуп.

Карыларын кадырлап, жарык маанай төргө ала,
Сый урмат берекесин кеңен жая толтургандай.
Көркөмдүү табигаттын суусуна ырахаттанам,
Бала чактан көк шибердин өзүндө олтургандай.

Адам тагдыр же ажайып эң бактылуу өмүрдөн,
Чагылдыра чыгаргын сындуу кылып көңүлдөн.

Келе калган ошол сырды түңгүюкка катпайын,
Кеч болсо да элим үчүн, ата-энем, жерим үчүн,
Суусу сымал агымында агылтайын, баштайын.

## СӨЗҮҢ ЖАРДАМ

Жаңы тилек, ак карлуу кыш артынан,
Жылуулук күндөн толук жазда келди.
Бүр ачып, жашылданып бүт айлана,
Жаз жарыш башын баштар кези келди.

Талаа жумуш - жер айдоо, эгин эгүү,
Жолун айта түшүндүргөн балдарына.
Эсенаман: «Сапар менен үч ай малды,
Жайлоого бага турган кезек келди».

Саламат эң кенже уулу карап туруп,
«Ата, атаке сиз жайлоого барасызбы?
Мен тоону жакшы көрөм бардыгынан,
Мен да барам, жаныңызга аласызбы?»

«Жок балам, досторуң жок эригесиң,
Эненди сен сагынасың кусаланып».
«Куса болбойм, жардам берем өзүңө,
Керек болсо жайлоого үй да салам».

Жылмайып, Эсенаман канааттанып,
«Макул балам, сен да бар, чогуу жүргүн.
Эң көркөмдүү, арча жыттуу төрүндө,
Сүйлөп турган сөзүң жардам, кулунум».

## ТҮНКҮ КЕРЕМЕТ

Кандай кооз, түнкү коoздук ажайып,
Айды карап толукшуйсуң, жанасың.

«Алтын казык» жылдызы бир бөлөкчө,
Энесиндей карап турган баласын.

«Чоң Жетиген» жана «Кичи жетиген»,
Тегереги жымыңдаган чөбөрөсү сыяктуу.
Миң жаңырып, жайнаган чөйрөсүндө,
Айтып бүткүс түндүн кооз көркөмүнө.

Жаш сезим жаркырата нур бергендей,
Ошол нурдан арзуу сезим пайда болуп.
Түнкү кооздук кереметі кенендикте,
«Сүйүүңөргө ак жол» деп үн бергендей.

## ШЫК КЕЛЕТ

Чеберчилик, шык келет түркүн жолдо,
Жан үрөп өздөштүрсөң кармап колго.
Салмагына майышпай чыдап койсоң,
Алып жөнөйт алыскы узак жолго.

Шык келет созолонгон обон менен,
Шакылдак, тамаша сөз «оён» делген.
Шарт кетет кол аспапта кылын тере,
Шартылдап түркүн күүгө сапар берген.

Акын себет асыл сөз жан дүйнөгө,
Сезимдерге көктөм жазда гүл болуп.
Шыктуулар бу турмушта арбыса экен,
Ой-сезимге жарык берген Күн болуп.

## СОТКА ДАЯР

Аттиң, кандай шаан-шөкөттүү күн,
Азыноолак күүсүн тарткан достук үн.
Мезгил деген колдон учкан куш тура,
Айтса бүткүс көп кызыктуу өттү күн.

Арбагандай ошол күндөр азыр да,
Кээ бир кезде баргым келет кайрадан.
Мүмкүн болсо да бир ирет кечмекмин,
Жаштык аттуу мөлтүр булак дайрадан.

Бирок, аттин, болбойт артка баруута,
Турмуш деген жүгөн салган ат эмес.
Өткөн күндөр кээде эске келүүчү,
Сезимдеги жылт-жылт эткен бир элес.

Жакшы элестин кучагынан чыгалбай,
Турган кезде капыс жерден чыркырап:
Чөнтөктөгү «сотка» деген телефон,
Селт эттирди – элес кетти быркырап.

## ДИЛИ БИЛБЕС

Декилдеп кадамынан ой-максаттын,
Алыстап калбасам деп келе жатам.
Тыянак, каалоо, тилек дили билбес,
Тегинен кадыр-барктын даам татам.

## ОЙ МЕНЕН УЙКАНАДАН

Жаза албай саанчы энем түйшүгүн,
Жакын барып келинчегим уй сааса.
Саанчылар он-он бешти бир саатта,
Саачы эле го! - апаратпы башкара.

Катышпасам бала кезден бир тиктеп,
Ой кыялым уй фермада кечке иштеп.
Келди даана, көз алайтам болуп нес,
Эки-экиден төрт упчуну бир тиштеп.

Ак сүт толгон чакаларын алмаша,
Жарашыктуу илбериңки кыймылдар.
Карап талбас толо ыргак сүт өңдүү,
Эмгек менен өттү канча ай, жылдар.

Тээ илгерки уй сарайдан энемдин,
Таржымалын ырга салып жазамын.
Мен энемди эстегенде ар дайым,
Энем сааган аппак сүттөй тазамын.

## БАПЕСТЕП БАККАН ЭЛЕ

Акелек ойноп жүргөн өзү менен өзү болуп,
Көз салсаң ансайын көркөмдүктүн сынында.
Карап тура акырын эске салсаң далайларын,
Өткөргөнсүң сен дагы ээси болуп чынында.

Айланадан терип келип кызыл-ала гүлдөрдү,
Өзүнчө бир ырларды ырдайт үн салып.
Табигат да аянбаган күндө кайра түрлөнтүп,
Ажайып гүлдөр даяр бийлеп турган ыргалып.

Чоң эне карт жүрөгүн элжиретип мээрим төгө:
Эркелетсе ого бетер шоктоно ойнойт Акелек.
Ата-эненин жылуу мээриминен кулач уруп,
Асмандагы ак булутка колун созот сермелеп.

Сөзүн айта жароокер: күч-кубатым, керегем,
Баштан жыттай алмак-салмак жетине албай.
Беш көкүл кылып кынап өрүп чачыбызды,
Бапестеп, баккан эле күн, түнү талбай.

## БАЛА ЖОРУГУ

Ойносо оюн, күлсө күлкү чыгарган,
Көчө чаңын, үйдүн шаңын чыгарган.
Тили балдай, тынымы жок сүйлөгөн,
Даниярдын улам жоруктары уларган.

Ата-эненин жанында оюн куруп,
Көк чыбыктан тандап алып күлүктү.
«Күлүгү» экөө нары-бери ойдолоп,
Буртулдаган чаңга салат «бүлүктү».

Токко жем чачып жаткан энесин,
Туурап басса дал өзүндөй көрүнөт.
Көздөрүнөн мээрим нуру төгүлүп,
Карап турган атасы ага эгилет.

Бек кучактап маңдайынан өбөт ата,
Данияр карайт анда бир таң калып:
- Бөкчөңдөгөн энемди туурасам мен,
Мени өбөсүң атаке, кармап алып.

Күндө эле бөкчөңдөгөн энекемди,
Эмне үчүн бир жолу өппөйсүң сен?
Данилардын бул сөзүнө жооп таппай,
Атасы буйдалды: - Тентек десең...

## ЫЙЫК НУР

Ата-эне күн берген ыйык нур,
Эсиңден кетпес бир сырдуу.
Эже-сиңди, ага-ининин,
Жүзү өзгөчө болуп нурдуу.

Нур ыйык сезе билсең,
Кармай билип, иргесең.
Кармай алсаң өзгөрүүсүз,
Катпастан төгө билсең.

## АЙЫРМАСЫЗ

Неберем оюн салса ой-кыялым,
Чабыттап куш сыяктуу алда кайда.
Эне үчүн эт-жүрөктү эзип турган,
Баладай асыл кайда, таттуу кайда.

Негедир ушул саамда эске түшөт,
Уюн сааган жан энем сарайдагы.
Жанына жетип барып турар элем,
Суроо менен тажатып капкайдагы.

Ата-энем ушунчалык жумшак эле,
Мээрими агып турган Күндөй болуп.
Алардын ортосунда эркелеп мен,
Тургандай болучу элем Айга конуп.

Көрүп кайттым ой-кыял чабытында,
Ата-энемдин ай-жаркын элестерин.
Айырмасыз кандай болсо ошондой,
Берип келем небереме белектерим.

## ГҮЛДӨГҮ ШҮҮДҮРҮМ

Таңдын таза абасынан кенен жута,
Жеңил басып бара жаттым көчөдө.
Кашаага байланган уй суусап турат,
Жанында гүл өсүптүр бир өзгөчө.

Ордумда токтоп турдум аны карап,
Эңкейип, мен акырын алдым казып.
Тамырын үзүп албай этияттап,
Бакчама отургуздум жерди казып.

Убакыт өтүп жатты жай, билинбей,
Мен бакчама күндө барып турамын.
Бара-бара ошол гүлүм жан алып,
Гүлүн ачып, ээлеп барат турагын.

Шүүдүрүм сезим козгойт гүл бетинде,
Ажарланып, табигаттын мончогундай.
Жыттаса моокум канбас гүл жытынан,
Жарашыгын миң аарта алда кандай.

## БАЛА КЫМБАТ

Ойноп жүргөн наристеге көз сала,
Серүүндө көңүлүн бүт оюн бурган.
Жан сергиткен тилинен бир башкача,
Белги берет балалык кез оюн курган.

Ата-энеси мээрим төгүп карап турган,
Айтса уккан жомокторун эсеп жеткис.
Көкүрөккө бөксөрбөчү демди берген,
Кандай кызык бала кез эстен кеткис.

Балалыктын шаңы менен ырчы болуп,
Шыңгырата обон созуп айтып бүткүс.
Турмуш жолун, жашообузду улаган,
Ойлоп көр - бала кымбат адам түткүс.

## ЖАҢЫ ЖЫЛ

Жаңы жылда дилден чыгат жаңы кеп,
Жаңылансын, жаңылантсын дагы деп.
Ак булактай түпкүрүнөн сезимдин,
Жолун сурап жаңылантаар эң бир бек.

Жаңы күн жаңы жылдын жакшылыкка,
Жетелеп, алдыртадан үндөп турат.
Жайдар мүнөз, жакшы тилек ой менен,
Көңүлдөр алда кайда кулач урат.

Жаңы жыл ак карыңдай берекелүү,
Жерибизге молчулуктун куту бол.
Мартчылыктын жышаанасын көрсөтүп,
Агыл-төгүл жемиш болуп келип тол.

Мына бүгүн жаркыраган жаңы жыл!
Бир башкача көңүлдөргө берсин сыр.
Арты артынан көркөмдүктөн белги ала,
Мага дагы миң түрмөктүү келсин ыр.

## МЕН ӨЗҮМЧӨ

Бир керемет жазгы нөшөр, жазгы жаан,
Жер жаңыртат көз жаркыткан чагылган.
Ой адамдар, жериңе бир кут төгүлсүн, -
Ак тилектен бүткөн ойго мен тунам.

Жарк-журк эте жарык чачкан чагылган,
Жаан жууган көрк толгон жерди карап.
Мен өзүмчө бир кубанып олтурам,
Дал жүрөккө чагылгандай ойлор тарап.

## МАРЫТКАН ТҮШ

Түшүмдө жүрүптүрмүн кооз жерде,
Көз жоосун алган жайлоо, гүлдөр өскөн.
Каалгып, ак кебездей жай каалгып,
Көк асманда ала-телек булут көчкөн.

Гүлдөрдө жалт-жулт этип шүүдүрүмдөр,
Мончоктой чагылышат ак нур көзгө.
Көңүлгө куштар конуп, экилентткен,
Сезилет бир башкача, дүйнө өзгө.

Гүлдөн тамган шүүдүрүм тып-тып этип,
Күн нуруна ажайып бир чагылат.
Үмүттөрдүн гүлүн ачып жаркыган.
Сезимимди марыткан от жагылат.

Ошол оттон жай таралган учкундар,
Магдыратат дене, бойго таралып.
Бир саамга кубанычка алпарды,
Өткөн элес түштөн кайра жаралып.

## ДИЛИ БИРЛЕР БАСЫП ӨТМӨК

Турмуштун чоң жолунда атат ак тан,
Эки дил бир-бирине таштап кадам.
Багытынан таап ысык бала дүйнөсүн,
Ата-эненин ыйык үнү угулган.

Бала дүйнө, ырыскы жанчу өмүр,
Өнүп, өсөт - тамырынан күч алып.

Учук улап, ата ысымын өчүрбөс,
Бала кымбат от болуп турса жанып.

Тозсо да татаалданган тагдыр ашуу,
Баш салдырбас үмүт күчү алга үндөп.
Өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болуп,
Табышкерлер дили бир басып өтмөк.

Агылтып учкул мезгил күүсүн тарта,
Арым талбас дили бир кубат алган.
Ата-эне - ыйык наам алга умтултган,
Алган орун дөөлөттөн, кадыр-барктан.

## КАСИЕТ НУР

Эне жүзү балага, Бала жүзү энеге,
Болуп сүйкүм.
Этият байкоо салсаң,
Ортодо нурлар түркүн.

Касиет нур, кандай болсо ошондой,
Жоголтпос жолу менен.
Эне жүздөн бала жүзгө,
Агымында ага бермек.

## УККАНСЫДЫМ

Өмүр бере, өстүргөндөр дилде бекем,
Айланайын, көп сөзүнүн эсеп жеткис.
Азыр жуунтса азыр жок боёк даяр,
Берекелүү жер да орноткон ченегис.

Балалык - бейгамдыктан бүткөн дүйнө,
Ак менен карасы жок бир өзгөчө.
Мезгилдин өтүшү да эске келбей,
Моокум канган оюндарга бөтөнчө.

Алып учкан кыялымдан колдо таяк,
Арык суусун жээктеп чуркаган кез.
Укқансыдым: "Ботпайым" - деген эне үнүн,
Өтүп кетти көзгө илээшпей өтө тез.

## ЖЫЛ МЕЗГИЛДЕРИ

Кыш белегин ак бубак тон жамынган,
Жаап койгон алма бактын шагына.
Сөөлөт күтүп мына ушул белекке,
Туш-тарапка көз салат жагалдана.

Жашылданган көркке толуп айлана,
Жазгы илептен бүчүр алса алма бак.
Жаз майрам деп көрктөнө даярдана,
Ак гүлдүү көйнөк кийген жаркырата.

Мөмөлөргө, дан, жемишке дем берип,
Жай да келген ээрчите ысык саратан,
Албырта мөмөлөрдү текши эркелете,
Торолсун, жетилсин деп кам кылган.

Агыл, төгүл берекесин шай кылган,
Булардын арт жагынан келди да күз.
Жыл мезгили кайталанат эч жаңылбай,
Өз милдетин өтөгөндөй тарыхта түз.

## БАЛАЛЫК ДООР

Айыл ичин жаңырта үн алышып,
Түркүн оюн баштаар элек күйүгүп.
Тамашага кээде калып таарынып,
Болор-болбос нерсеге да сүйүнүп.

Түшөөр элек биз каналдын суусуна,
Агымына чочуп койбой, жалтанбай.
Бирибизден озуп кетип бирибиз,
Чабак уруп, сүзүүчү элек балыктай.

Таттуу уйкудан илең-салаң ойгонуп,
Бадага уйду кошуп коюп таңында.
Жүрүүчү элек эч нерседен капарсыз,
Бака-шака балалыктын шаңында.

Кандай кызык, өтүп кеткен бала кез,
Эстен кеткис, оюн, күлкү дүйнөсү.
Жашоонун ширин даамын татыткан,
Кымбат экен балалык доор бир өзү.

## ЖАШТЫК КЕЗЕК

Жаз сыяктуу жаштын көңүл сергитчү,
Көрктөндүрөөр, жаркыратаар таңы бар.
Канат берип, асманга учса талыбас,
Көөдөн толгон наз махабат дагы бар.

Жаштык кезден балалыгың алыстабай,
Жанга тарта ойноп турса моюн бербей.
Жандай турмуш босогосу тартып турат,
Жаштыгың кызыктырат сыры бардай.

Жаштык кез бул өмүрдүн күлкүсү сен,
Жалындаган, өчпөй турган нур берген.
Жаштык кезиң турмуш жолго чакырып,
Кайталанбас асыл курак бир келген.

## ЭЛИМ МЕНЕН

Эң кымбатым менин элим,
Алмашылбас менин жерим.
Күтүлбөстөн жоо чыкса да,
Жалтанбастан чыгат элим.

Кепкенен пейлиң – элим,
Сен барда – күчтүү демим.
Кубаттуумун дайым мен,
Барааның барда сенин.

## БАЛА ЖОКТО

Кол сунуп наристе энеге,
Ал мени дегендей талпынат.
Жүрөгү эзилип балага,
Эненин сүйүүсү артылат.

Баланы көтөрүп колуна,
Элжиреп өзүнчө кубанат.
«Өмүр бер узак» деп Алладан,
Ичинен тиленип суранат.

Бакыттын дал өзүн кучактап,
Тургансыйт бул эне өзүнчө.
Бала эмес, бүт жерге жетчүдөй,
Агылып зор мээрим көзүндө.

Эне үчүн мындан артык,
Чындыгында бакыт болбос.
Ар бир ата-эне үчүн,
Бала жокто турмуш толбос.

## ОРТОДО

Сызыла ырым чыгат жолдо жүрсөм,
Сырга баткан көңүлүм жаштык күндөй.
Сезимдешим сен аркылуу келмек демек,
Кадам салып бир күйүп, бирге жүргөн.

Сунушуп кармашканыбыз колубузду,
Таштап кадам бириге турмуш жолдо.
Санаанын оордугун бир көтөрүп,
Саламын карылыктын сезбей бойдо.

Сени менен ишенем - жеңил арыш,
Сезилтпес турмуш ашуу катаалдыгын.
Серепчилей бакыт таалай белекчесин,
Сенден мага, менден сага ыйгарыш.

## КЫЛЫМДАН

Жашоо кыска ич ачышат,
Жок дегенде бир кылым.
Жашасаңчы адамзат,
Бир-бирине санап ылым.

Жетпес күнгө эч бир илеп,
Жемиш-мөмө, дан талаада.
Жашасаңар ата-энелер,
Жакшынакай ойдо-санаада.

Жылмайган жылуу караш,
Жүздөрдө жайнап турган.
Жылдар өтмөк кереметтүү,
Куштардай сайрап турган.

Ата-эненин өмүрү бала үчүн,
Байтүп дарак тамырындай.
Мезгил деген өтөт экен,
Чоң дайранын агымындай.

## СҮЙҮҮ АРБАЙТ

Карап талбас, кадам талбас,
Турмуш жолу бир кылка эмес.
Санаадагы сыр айтылбас,
Өктөм кээде жалган элес.

Сезишкендир сезим ээси,
Бири-бирине тартылып.
Сүйүнүчтөр жылжып агып,
Кучак толо артылып.

Чечти мына жандын сырын,
Иш жүзүнө ашып акыр аракет.
Жалын салган сүйүү арбайт,
Маңдайга төгүлүп берекет.

## КӨЛҮМ ТОЛКУЙТ

Көл толкуну үндөөчү турмуш шарын,
Сүрөөчүсү махабатын эки жаштын.
Кушубак көңүл сырын толкун табат,
Мен дагы ал толкундан шаттык таптым.

Шарпылдаган толкун үнү тынымсыз,
Бул турмуштун күүсүн тартып жаткандай.
Көл жээгинде эс алган жан жайында,
Айтып бүткүс ырахатка баткандай.

Көлүм өзү бир жаралган керемет,
Көрүшпөстү көрүштүрөөр сыр чечип.
Кучагынан далай дилдер бириигип,
Кол кармашып, көл жээктеп бир кечип.

## ЗАМАНДАШ

Тызылдап тыянаксыз ишке күчүн,
Туурасынан аракет жок бир үзүм.
Толгон ойду акырына чыгарып,
Сарптагандар болсо кана бар күчүн.

Терендете алган ишти бүтсөм деп,
Айрым бирөө тер агызып, жан үрөп.
Тергөөчүлүк адам тагдыр чечүүсү,
Туура адилет калыстыкты бекемдеп.

Адамдар бар акча, байлык деп ойлоп,
Тескер жолду, тескер изди көп бойлоп.
Калыстыкты бек кармайлы, замандаш,
Жүрө бербей жамандыкты аз жойлоп.

## БУЛБУЛУМ

Коңултак калып, көңүлдөрдө көп суроо,
Турган кезде капыс булбул сайрады.

Асман бетин чүмкөп турган сур булут,
Тарап кеткен сымал көңүл жайнады.

Коңултактап, жайдак турган көңүлгө,
Булбул үнү жылжып кирди жайлантып.
Кыжаалаттуу суроолорду жоготуп,
Көңүлүмдү учкул кушка айлантып.

Кулак канбас доош сала улам тартып,
Кушубак, жайдарыланган ойго батып.
Курсант болом токтобос күч ыйгарып,
Бергендей бул турмушка шаңдуу багыт.

Кубулжуйт булбул үнү, баары көрктүү,
Куттуу талаам берекелүү, арбайт көңүл.
Жергемде өкүм сүрүп бейпил тынчтык,
Токтобой булбул үнү – сүрсүн өмүр.

## АЛЫКУЛ АГА ЭЛИМ ДЕП

«Сен ооруба, мен ооруюн Ата Журт»,
Алыкулдун ушул сабы жүрөктө.
Ушул ниет түндө күйгөн шам болуп,
Үндөп турат ар бир жанды күрөшкө.

Көл жээкте өттү биздин жаштык күн,
Жээкте өскөн бакты көлөкөлөп.
Толкунга көңүлдөрдү төшөп коюп,
Жан дүйнө кубандырган ой бөпөлөп.

Алыкул сыр чечишкен көлү менен,
Көлүнө арнап коюп кыска өмүрүн.
Жалындуу ырын жазып кеткен акын,
Жанынан артык көрүп Ысык-Көлүн.

## МЕЗГИЛ МЕНЕН

Күттүргөн жаз - кыштын карын,
Мээримине эритип, келди күлүп.

Бак-дарак бүчүр ачып чырт жарыла,
Көктөм да чукуранат көтөрүлүп.

Жыл мезгили агылып орду менен,
Жаз келди – балалык дүйнөсүндөй.
Жаркырап асманда Күн нурун чачып,
Канаттуулар сайрашат ыр күүсүндөй.

Кырларда кызгалдактар бажырайып,
Көз жоосун каныктырат көргөн жандын.
Ар мезгилдин көркөмү бар өзүнчө,
Сезимин козгоп турган тирүү жандын.

## КААЛАР ЭЛЕМ

Кыялым желге окшоп закымданып,
Учкул куштай учушат алыс-алыс.
Көндүм адат бучкактаган дайыма,
Бир максат – ак кагазда ырым калыш.

Кайрылганым кыялдан кээде пайда,
Көңүлдөгү каткан ойду чыгара.
Капилет таарынттымбы деп ойлоп,
Карап жылуу көз караштны ыйгара.

Каалар элем силерге да учкул кыял,
Каткырык, тамашасы жаш баладай.
Каалоо-тилек кимге болсун эң ысык,
Көңүлдөрүн ээлеп турган муздабай.

## СҮЙҮНТӨТ

Жаз майрамы жарашыктуу кийинте,
Жайдары жан сындуулугун сезимде.
Жаркыраган күндөн келген жылуулук,
Жүз нурдантат ыйыктыгын билинте.

Жыл мезгили көрсөтөт өз маанайын.
Жайылткандай жарашыкты ааламга,
Жемиш-мөмө, нан дасторкон толтура,
Жиберген күн кан жүргүзү адамга.

Жашоо нукка жаркырай нурун өчпөс,
Жаркыган таң шоокум чачат күлүңдөп.
Бул табигат жан адамга жапжашыл,
Тириликтин нурун берип сүйүнтөт.

## ЭЛИМ ӨСӨТ

Жанданат жаз майрамы ала ажарды,
Жаштар салган доошто күлкү шаңы.
Жаңылана бүр ачкандар көркүү берет,
Жашылдана тегеректер болуп жаңы.

Жаштык кези - табигаттын май айы,
Кубанычтуу, жайнап жашыл дидары.
Жалгыз эмес, түгөй менен көңүл ток,
Жүздөр нурдуу жеңил салган кадамды.

Жаз-жай айы, сени менен баары сулуу,
Жан жылытып алып келген ырахатың.
Жашылданган табигатты мекендеген,
Жеримде элим өсөт  чыгара атын.

## НЕБЕРЕМЕ

Кадаса каректрин жалжылдатып,
Кут орноткон сыяктуу небереме.
Кучактап, кумарлана жыттап алсам,
Көңүл толгон агыл-төгүл берекеге.

Караанына жалына эзилгенден,
Кушубак болот жашоо, турмуш.
Шыңгырап шат күлкүсү дайыма,
«Энеке, энеке» деп кылат шыбыш.

Кандай ысык атасында билинбеген,
Кабак салса неберем санаа эзмек.
Көңүлүң ачылса жаркын күндөй,
Кылат аракет үйрүлө тегеренмек.

## АЛЛА ТААЛА БЕЛЕКЧЕН

Бир-бир көрүп дилде арбашып,
Барат жаштар сөздү алмашып.
Берекесин бул жашоого билинте,
Берген өмүр жанга Алланын.

Бүчүр алган мөмө-жемиштей,
Бешенеме жазган белекчем.
Бакыт таалай болсун дегендей,
Басаар жолдо мына керекчем.

Алланын бергенине ыраазымын,
Беш сөздү кошо албас пендеңди.
Берилип ыргактын жолун издей,
Ак баракка жазуу үчүн демдендим.

## КАЛЕМ МЕНЕН

Калем илет, кандай ийкем кыймылы,
Келсе ыргак жан дүйнөмдүн сыймыгы.
Кол кубатын, акыл күчүн жоготпос,
Карап элим, өзүң болсоң сынчысы.

Кыялдана келген ыргак нуктуу болсо,
Кубулжуган сезим, ойдун кушу коно.
Кушубак жаш махабаттын илебинен,
Кучагынан бак таалай тапкан болсо.

Күлкүм чыгат, жан дүйнөм сөз тандап,
Жолго чыгат алда-кайда ой, кыялым.

Күтпөс жерге тоо жайытын кыдыртып,
Кочуш толгон байчечекей калем салып.

## КӨҢҮЛ ЭРГҮҮ

Көңүл эргүү пайда болсо адатта,
Көтөрүүчү көңүлүңдү сапатта.
Жазгы желдей саамай сергите,
Мөмөлүү шакка коносуң заматта.

Көтөрөт көңүл эргүү кыялыңды,
Көмүскөдө демди басар болбосо.
Гүл сымал касиет ал сезимиңдин,
Шаңданган үндү кошо созолонто.

Көңүл эргүү кызда болсо сүйкүмдүү,
Кыткылыктай шаңдуу чыга күлкүсү.
Көңүлү эргий эске сала жаңыртат,
Жүрөктөн кабыл алгын сүйүүмдү!

## АКЫЛ ОЙ

Жашоосунда адамдын өйдө-ылдый көп,
Аткарылбай артка тарткан ишиң жатса.
Же болбосо актык дилди караланткан,
Арамдыктын эң бир кара заты жатса.

Жакын бол, акыл калчап, акыл ойдон,
Туура жолду терең баалай чече турган.
Акырында ойду толгой тагдыр чечээр,
Акылдуу жан муратына жете турган.

Акыл ой адалдыктын суусу менен жууп,
Арамдыкка малынган зилди алып салат.
Жаңылыштык, каталыкты четке түртүп,
Жаңы ой, жаңы тилек түз нукка салат.

## ДӨӨЛӨТ КҮТӨТ

Кумар, көңүл али тойбос кезинде,
Көндүм адат түгөйүндүн төрүндө.
Чычалабай уккуң келет тийишсе,
Баткансыйсың берекеге элүүндө.

Түгөйүң уйкусу жок таңдан туруп,
Баарын тейлеп, жайында короо жагы.
Жемиш мол дегендей белги кылып,
Сеңселет эрке желге багы, шагы.

Бакубат колдон кармап небересин,
Карыя жай кадамдап сөөлөт күтөт.
Балдарга ырыскыны кенен берген,
Алды жактан карыны дөөлөт күтөт.

Ата үчүн балдары кут төгүлгөндөй,
Бакубат жашоосунда берээр демди.
Үй ичи базар болуп балдар барда,
Балкытып улгайганда жүрөк, денди.

## ЖЕРДИ КАРАП

Атактуу, улуу акын алтындай деп,
Арбала кең талааны карап олтуруп,
Аздап тама ой сезимге азык берген,
Алган нуктан ыргак алды толтуруп.

Касиеттүү керемети тууган жердин,
Күүгө салсаң, ырга салсаң созулта.
Көргөзүү, көгөртүүчү сен адамзат,
Кадырын оболотот бийик орунда.

Ортого толо түшмөк бир заматта,
Жылуу сөздөр, жылуу маанай.
Муздак сөздөн жаманы жок,
Күңүрт кылган бакыт, таалай.

Бекем болсок дейм адамзат,
Жакшылыкты бийик кармаган.
Ысык да эмес, муздак да эмес,
Ортолото жылуукту арбаган.

## ЧЫГАТ БЕЛЕҢ

Айлыма туулуп-өскөн бара калсам,
Ак тамы, короо-жайда бир башкача.
Ата-энем урунгандар болуп кызык,
Агылтат көз бир ирмем айланта.

Абасынан кере-кере жыттап, канбас,
Арылта кеткен өңдүү бойдон салмак.
Ата энем маек куруп берген өңдүү,
Айлана көңүл толгон балалык чак.

Кошунанын сирени койкойгон шак,
Карый түшкөн сыяктуу жыт карыбас.
Кыз кезекте тегиз ачкан бир талын,
Көздөн уччу тартынчаактык арыбас.

Алыс-алыс чакырык, той-тамашада,
Аралап туугандарга барып жүрсөм.
Арылып, мен жеңилдеп кусалыктан,
Чыгат белем бийикке, билек түрсөм.

## ЭНЕЛИК МЭЭРИМ

Көңүлдү элжиретет уйкудагы неберем,
Кадалта мемиреши алыска кыялданта.
Түшүндө жакшы нерсе көргөн окшойт,
Жүргөндөй Ай, жылдызды аралата.

Ойготтумбу, көзүн ачса жалжылдата,
Эне назик, ыраазы өз тагдырына.
Талпынгандай алыскы жылдызчага,
Жыттап канбас жытына, бардыгына.

Мына, сүйкүм жылмаюу уурт тартып,
Жарашыктуу жүзүндө, кандай назик.
Жүрөк чиркин бүлкүлдөп кубанычта,
Жагалдануум энелик мээрим шашып.

## АЙЫРМАСЫ

Балалык да, табигат да бөлөк беле,
Арык суусу, дайра суусу шар аккан.
Өскөн шибер досуң сымал дили бир,
Коюн ача шайыр-шаттуу үн салган.

Мектептин маңдайынан катар кеткен,
Жашыл кийим кийген сымал балаты.
Карагай – ата-энеси окуу билим ал деп,
Турган сымал балалык кез – карачы!

Каакым терип кыртылдата болуп шок,
Кой-козулар оюн салат, чөп оттоп.
Кандай кызык болгон экен бала кез,
Азыр түйшүк ишин бүтсө көңүл ток.

## ДИЛИ БИРДИН ОЮ БИР

Дили бирдин ою бириксе,
Турмуш жолдо.
Таза нист тилектерден,
Бата алмак.
Бакыт таалай бала ырыс,
Өмүр жанмак.

Жарык жүз, ачык маанай,
Күндөй көктөн.
Күлкү таза шылдыр үндүү,
Булак кеткен.
Күүсүнөн көңүл толкуй,
Турмуш өтмөк.

Сүйбөгөнгө сүйкөнбө дейт,
Муздап, тоңмой.
Сени сүйгөн туура келсин,
Турмуш жолдой.
Дили бирдин ою да бир,
Утуучуңар тартчу оңго!
Кенен багыт.

Кош сезим эргүүсүндө,
Учкун жанма.
Махабат жалынчасы,
Мына канмак.
Бакыт-таалай, бала-ырыс,
Турмуш жолдо,
Бал тилдүү үнүн салмак.

## ДОСТУК ПЕЙИЛ

Алысты көз ирмемде жакындатып,
Кол телефон илимдин жаңылыгы.
Адамдар ортосунда тыным албай,
Дүйнөнү түрө айланат жаңырыгы.

Телефон чырылдады капысынан,
Эртең менен чай ичип отурганда.
- Ким экен ал? – деп сураса Жамал,
- Чүйдөгү дос, - бололу конок камында.

Жакшы достон артыгы жок чыныгы,
Аянбай, агыл-төгүл сойду ак козу.
Аяшым Айша түрдүүлөп даамды,
Табалы биз да таарынтпас жолду.

Саматын жумшап алдырды кымыз,
Дос үчүн жокту дагы бар болтурмай.
Жамалдын жаны тынбайт, кыздары да,
Кыргыз пейли дасторконду толтурмай.

Кечки бешим: мына келди сүйүнүчтө,
Келди досу, аялын, эки уулун ээрчите.
Күчүнөн достук пейил чалкып турду,
Көңүлдөр гүлдөй жайнап – берекеде.

## УЧКУН ЖАНАТ

Неберем телеге бүт дил төшөп,
Олтурат кызыктуу мультик көрүп.
Кирпилер окуясы – ойго келбес,
Балага абдан кызык ойлор берип.

Шаңданат кирпилердин тамашасы,
Бирин-бири кубалап, оюн салат.
Кыйындыкка бирөөсү тушукканда,
Баардыгы биримдикте боло калат.

Байкасам көздөрүндө неберемдин,
Кандайдыр олуттуу ой тургандай.
Бирөөгө жардам берүү парыз деген,
Көөдөнүндө ой учкуну тунгандай.

Теледен көзүн албай бул неберем,
Кирпилерге аралашып калганындай.
Көзүндө күлмүңдөгөн учкун жанат.
Жакшылыкка дилинде барганындай.

## ЫР ДҮЙНӨМ

Ыр дүйнөм күн сыяктуу,
Турсаң жаркып,
Ырыскымдай табылган,
Ашып-ташып.
Тегерете неден болсун,
Тыным албас ой илинсе,
Жазам шашып.

Куса болом ой илинбесе,
Куштар кылчу ажайып.
Сен дүйнөмсүң,
Келе берсең – сураныч,
Жай-жай ага,
Таңдайды такылдаткан,
Суум сенсиң.

Көңүл ачык көкөлөгөн,
Куш сыяктуу.
Кереметиң дааналанат,
Кут сыяктуу.
Колум калем талыбас
Кармайм бекем.
Жазбасам мен жарабас,
Ырлар туяктуу!

## ЭМГЕК ҮЧҮН

Сууну карап шар аккан,
Эмгек күүсү ой-сезимде.
Мезгилинде бала кездин,
Ачык маанай кубаттуу,
Аталар тынбай тарткан.

Эмгек күүсү күнбү-түнбү,
Кайсы ишке кол салбасын,
Чаалыкпас чыгат демдүү.
Башынан аягына орнотуучу,
Каткырык шайыр жүздү.

Таң эртеден тыным албас,
Бүтсөк! деген жандалбас.
Жер-Эне кут берекесин,
Адамдардан түк аябас,
Эмгекке күчүм талыбас.

## СЕНДЕКАЛГАН

Көркөмү бир ажайып табигаттын,
Көлкүтүп күүсүн берген ырахаттын.
Көрүнүш көкөлөтүп көңүлүңдү,
Кондурат чокусуна бийик шактын.

Сагынган ошол күндөр келип калсаң,
Арык жээги чөп тизени ашкан.
Чалынтып буттарына чаалыктырып,
Балалык туулган жерим сенде калган.

## СУР ЖОРГОНУН ЭЛЕСИ

Шаар чети, чоң жолду турсам карап,
Машиналар саны жок, көз тайгылтат.
Жолду кесип өтө албай улам четтеп,
Сур жорго кетенчиктеп кошкурунат.

Машинада сур жоргодой сезим жок,
Заматта күнчүлүк жол баскан менен.
Шамалга сапырылган жалы да жок,
Тулпар талган дабанды ашкан менен.

Чоң аталар сыймык менен минишкен,
Сур жорголор машинага жол берген.
Күн сайын жаңы нерсе алып келген,
Бул заман ушунчалык учкул да экен.

Замандын күлүгүнөн калбайын деп,
Зуу койгон машинада бара жатам.
Антсе да эмнегедир жүрөк тыз деп,
Сур жоргонун элесин көзгө катам.

## ТУУГАНДЫК

Тууган сырын билген да, билбеген бар,
Жалгыздыкты көңүлгө алып ойлобой.

Жылуулугун, ыйыктыгын эске албай,
Туугандыктын биримдигин коргобой.

Илгертен бекер жерден айткан эмес,
Насаатын улуулардын сабак кылып.
Туугандык миң кылса да каны бирге,
Күнчүлүк жүрсө да ага ичиң жылып.

Бул өзү да билген жанга чоң керемет,
Туугандыкты бекем кармап аласың.
Дайра сымал толкуп-ташып күч алып,
Ырыскыга туугандыктан батасың.

Туугандын туугандыгын сезип билсе,
Боз үйдүн уугу сымал баары илинсе.
Өз ара кыйбастыктын кадыр, баркын,
Түшүнүп, бири үчүн бири жүгүрсө.

## ОРНОМОК

Көргөнсүйм көзү өтсө да ата жүзүн,
Күлүндөп маңдайымда иним турса,
Кандай болсо айырмасыз жылуулугу,
Кулагымда дааналантчу көңүлүм ток,
Ата орномок!

Көзүнөн да, сөзүнөн да айырма жок,
Көлкүтүүчү мээриминде кылып шок.
Кезиксе эжелерим - энемди эстеткендей,
Жанынан бир көргөндөй көңүлүм ток,
Эне орномок!

Ата-эне алып келген бала ырысын,
Убай көрбөй өттү алар, сагынычты,
Жазып берер турмуш кетти алыска,
Үндөрүн, жүзүн айырмасыз дааналантчу,
Бизде орномок.

## АЛАМЫН ДЕМ

Ой келет наристенин үнүн уксаң,
Өзүбүздүн балалык кез элестеп.
Ата-эне бизди баккан оор учур,
А башынан жип сыяктуу келептеп.

Ата-эне балдар үчүн кандай бийик,
Өстүрүшкөн ден соолугун ойлобой.
Биз алардын мээримине тунганбыз,
Калмакпызбы ыйыктыгын коргобой?

Сагынганда түшкө кирет тирүүдөй,
Эркелетет кадимкидей балам деп.
Накылдары сакталат нуска болуп,
Эне болсом өзүм деле аламын дем.

## АЛА-ТОО

Ала-Тоо сен биз үчүн эң бир улуу,
Аталардай коргоп турган балдарын.
Мөңгү эрип, күн нуруна чагылтып,
Ак батадай сунуп турган ак карын.

Шаркыратма суусу кулап төмөнгө,
Тамчылары мончок болуп чачылат.
Эстен чыгып турмушуңдун көйгөйү,
Тоодон көңүл бир башкача ачылат.

Адамзаты алса экен деп ойлоймун,
Табигаттан көркөмдүктү үйрөнүп.
Сырдашалсаң гүлү сүйлөйт акырын,
Уга билсең түркүн күүсү күүлөнүп.

Ала-Тоо кыргызымдын мекенисиң,
Кышында үшүтпөгөн койну жылуу.
Нээти кара жандардан коргоп турат,
Кут, кенчи түгөнбөгөн тообуз улуу.

## БАЛА БЕЛЕК

Чыр эткен телефонду ала койссм,
Алыстагы неберем, Алиханым.
«Энеке, 8 майтыңыз кут болсун» -
Деп жаңырды наз үнү - жаным.
Ушундай бал-ширин сөзү менен,
Телефондон белегин берди жагым.

Күндөй жарык маанай менен,
Көл үстүндө кайкыган аккуу сымал:
Кичинекей Элеонорам бий бийлеп,
Көңүлүмдү көтөрдү, канып кумар.
Бир тамчы жылуу сөзү неберенин,
Жүрөктөргө дем берет болуп тумар.

## ТҮГӨЙ МЕНЕН

Куттуктоо жаз майрамда коңур үндөн,
Кудуңдай сүйүүм күчтүү чогуу жүргөн.
Кучак толгон кызыл-тазыл гүлүн берип,
Кайрыгандай кыз кезди кыт-кыт күлгөн.

Кубат алам куттуктоонун ээсинен,
Кушубак аба, өзгөчө көңүл сергите.
Каалоо-тилек жетина албас себептер,
Кайра өзүнө томолонтмой сезимде.

Каалоо-тилек ортодо орун алган,
Казынадай оргуштай үн салдырмак.
Күч-кубат, ден соолуктун бекемдигин,
Күүсүндө эки дилдин алмак-салмак.

Жарык маанай, жан дүйнөң толтуруучуң,
Жакшы тилек көңүл байый ток кылуучуң.
Турмуш жолдо түгөй менен жеңил журуш,
Туу тутаарын майрамды болтуруучуң.

## КӨҢҮЛ КУШУ

Көңүл кушу көтөрүлсүн, учсунчу,
Калып-калбас алыстабай сөз дурусун.
Көңүл менен жүз дагы нурдуу болор,
Кармай алсак эгиз кыла сөз дурусун.

Көңүл ак, кенен пейил толкунунда,
Көздөсөк иш көпчүлүк шоокумунда.
Көчөтүн жакшы тилек, жакшы ойдун,
Колдон колго өткөзүп, аябастан мына.

Көңүл керек бийик сермей адамдар,
Жүздөрүндө болсун дайым жылмаюу.
Көкөлөтчү жолдор да бар ар кандай,
Кабак салбай ачык күндөй нурдануу.

## НЕБЕРЕМ БИЙЛЕП

Күн төбөдөн күлүндөсө, эриш-аркак,
Кыял менен кыз кезек да кошо жанмак.
Кыт-кыт күлө көз салган сымбаттууга,
Кылыктарын кайталанчу түрдө алмак.

Каткырык, тамашасы сырлар батпас,
Кымча белди алган өңдүү сын-сыпат.
Канча өткөнгө сураныч, кыял жана,
Күүсүнөн сайран алган нак ырахат.

Куса кылса өткөн кездер, эрмегим,
Неберем бийлеп кирсе албас көзүм.
Колдору илгерки элес кыймыл салат,
Аккуу канат каккандай мына өзүм.

## САГЫНЫЧ

Сагынам энекемди - өзүм эне болсом да,
Сүйкүмдүү жүзү элестеп, толгон чагын.

Бешик ырын көшүлтө ырдап берип,
Күндөй жарык мээримин төккөн чагын.

Жып-жылуу колу менен саамай сылап,
Жагымдуу айткан сөзүн дайым эстейм.
Арадан канча мезгил өтсө да энемди,
Сагынып, элесинен ыраак кетпейм.

## ЭНЕ МЭЭРИН

Эне жүзү, эне мээрими береке,
Бул дүйнөдө түгөнгүс да, табылгыс.
Ошол мээрин тегиз төгүп балдарга,
Бакыт берип төгүлгүс да, чачылгыс.

Күн нурундай магдыраткан мээрими,
Бешенеме тийген сайын жыргаймын.
Бар күчүмдүн жетишинче талбастан,
Эне мээрин асман-айга ырдаймын.

## ЖАЗГЫ ЖААН

Жаап турса жан сергитип жазгы жаан,
Дыбыраган доошу да бир башкача.
Жерди таптап бий бийлеген сыяктуу,
Тамчылары көз жашындай тап-таза.

Сезимдин толкундары жан-дүйнөмө,
Жүрөккө кубат берип жылып кирет.
Жазгы жаан, жаай берчи, бир өзүңөн,
Көк чыгып, кырандагы гүлдөр күлөт.

## ЖАР МЕНЕН

Күн сыяктуу чырайлуу,
Күлкүсү аккан булактай.
Күүгө салаар үн болоор,
Күлүп турса муңайбай.

Бакыт толо шар кенен,
Баары толук жар менен.
Бата агартат, көгөртөт,
Берилүүчү парз менен.

Бакыт-таалай төрүндө,
Бул жашоонун өрүндө.
Бейпил турмуш курушат,
Берилген жаштар өзгөчө.

## АЙЫРМАСЫН БИЛЕЛИ

Жаштыктын терең ойлоп татаал сырын,
Жандырмагын туура чечип алсаң чыны.
Жаның бир күлдөп алчу мезгил белем,
Жашылдана жан дүйнөң бүт бардыгы.

Жакшы көрүү, сүйүү болбос айырбаш,
Жалын болот, байкайлычы эң кылдат.
Жадыратчу, жалындатчу сезимде,
Жанга сүйкүм бир өзгөчө нур турат.

Жараткыла чын сүйүүнү жалындап,
Жаңыл Мырза, Айчүрөк бар дастанда.
Жарашыктуу эки жашка жол жарык,
Жалындаган сезим менен басканга.

Алтын жаштык жаркыраган күч өчпөс,
Тамырынан кыйып салчу көйгөйдүн.
Ажайыптуу өмүргө сээп жаш үрөн,
Телегейи тегиз болсун түгөйдүн.

## АК БАРАКТЫ АЯР СЫЛАЙТ

Ызгаарынан тагдыр ооруу калкалай,
Ыр ырыскым өмүр жолдо үн салган.

Ыйыгымсың бийик тута колдонсом,
Ыза кылбас ой кыял да күч алган.

Ымыркай ыңааласа - эне сүйкүм,
Ысык мээрим агылтат ыйык сүтүн.
Ыр ойготот сезимин бала жыты,
Аралаша күндү көрүп миң түркүн.

Азын-оолак ой учкуну жылт жанып,
Ак баракка сөз тизилип – кубантат.
Наристесин сылагандай жаш эне,
Ак баракты наристеге айлантат

## АЛЫКУЛ АГАГА

Көл жээгинен ой-кыялын толгонтуп,
Көл жээгинен ырлар издеп алтындай.
Жашап өткөн кыйын турмуш, жашоодо,
Бул дүйнөнүн жалгыз кадыр-баркындай.

Көл сырдашкан, толкун сөзгө окшошуп,
«Кел-кел» салган чакырыктан болжошуп.
Карап туруп аппак барак – сөз батпас,
Жайдыр-кыштыр алаар эле көл тосуп.

Көзү өтсө да болуп тирүү ак барактан,
Ата-журту зор кадырлайт азыр да.
Таңшый созсо сезим козгойт ырлары,
Токтобостон жаңырат дайым арада.

## ЖОЛУҢ БОЛСО

Сындуу басса сырдуу карап,
Сезим тордоп, улам сүйөм.
Санжыралуу ачылыштай,
Толкунданып өзүм жүрөм.

Жана учкун сүйүү ойлобос.
Орун ээлей бир заматта.
Сындуу кадам ээси болгон,
Ой санаада: жетсем гана.

Сүйүү ыйык, эгер жанса,
Жолуң болсо – сүйө алса.
Ажайыпта бакыт үн салат,
Жашооң өтөт ысыкта.

## АРУУЛУКТУ

Кыял учат, уча бергин талыбасаң,
Жаш өтүп, дале бүгүн карыбасаң.
Көңүлдүн гүлүн терип али жүргөн,
Бала кезден кабарды маалымдасаң.

Жан-дүйнө сезимимди карытпасаң.
Уч кыял, учкул канат талытпасаң.
Чоң эргүү мени менен жүрсө экен,
Учуудан кең ааламга талыкпасаң.

Канатыңдын алдында калып белес,
Балалыктан алып кел кеткис элес.
Кыялсыз жансыз затпыз, адамзаты,
Сөзүмү бир да адам жалган дебес.

Уч кыял, уча бергин дүйнө кезип,
Өтүнөм мени таштап кетпе безип.
Бакытты үндөп турган алдыдагы,
Аруулукту турайын дайым сезип.

## ЖОЛУН АЧТЫ

Кыз баратты салмактуу ойго чөгө,
Берчү экзамен сезилип бир өзгөчө.
Үн салды жол жээктеш жаш жигит,
«О чоң кыз, чагыңыз» - деп семичке.

Көзүн салса кол кыймылы башкача,
Көрүнүшү артист өңдүү таптаза.
Көңүлүнө доо кетирип албайын деп,
Колун сунду толтурчудай заматта.

Жигит болсо шак кайпактап электей,
Карап турду катуу уялган немедей.
«Кечириңиз, таанышуунун айласы,
Семичке анан, таарынбаңыз» дегендей.

Семичкелеп чакырган сындуу келбет,
Оюн тордоп чакыргандай кол сермеп.
Ыгын тапкан сырдуу белек эки жашка,
Тун сүйүүнүн жолун ачты болуп себеп.

## ТҮЗҮРӨӨГҮН ӨЗҮҢ БИЛ

Алың жетсе үмүт кыла сен өзүңдү тыңдай жүр,
Акыл ойду аралатып кылган ишиң сындай жүр.
Өйдөлөсөң эсирбестен, ылдыйласаң кемсинбей,
Турмуш жолу өйдө-ылдый, түзүрөөгүн өзүң бил.

## ТАБЫЛГА

Жарык маанай жүзүңдөгү дайыма,
Ыймандуулук ээлеп турса каныңда.
Ырахатты, көп ырыскы тартуулап,
Турганың сен үчүн тозгус табылга.

## УЧКАН УЧКУН ЭКИ ЖАШТА

Карай албай карегиңде учкунду,
А оюм толкунданат катар-катар.
Кол сунам - келчи мага жанаша,
Табалы учкунду жалын чачаар.

Учкуну көрсөтсүнчү кереметин,
Көңүлүмдү кытыгылап, эргитип.

Сен жаным, байкадыңбы сезимди,
Дем келгенин жанды сергитип.

Сенден учкун өзүмө көз аркылуу,
Мына келди өзүмө сөз аркылуу.
Махабат жалынын пайда кылды,
Күчөтүп, өчүрбөскө биз акылуу.

## ҮЙ ӨЗГӨЧӨ

Кичинекей бакчамда өсөт,
Алма, ашпурт сегиз түп.
Ар бир түптө бештен сорту,
Баатыр Эне атка келет жуп.

Бутактарда балдар жүздүү,
Кыпкызыл алмалар бажырайт.
Терилбей калса эгер тырс этип,
Күч келип шагынан ажырайт.

Очор-бачар үй-бүлөгө окшогон,
Мөмөлүү бакча турат бараандуу.
Айыл ичи алгач көзгө чалдыгат,
Бак-шактуу үй өзгөчө караандуу.

## ЭКИ ДОСТУ

Жайлоодо көк шиберлүү атам менен,
Жайытында уй кайтарып жүргөн кез.
Ойногон курбулар жок, куса болом,
Кетким келет айылга мен тез.

Эки жакка көз салып, карайм алыс,
Жандай аккан булакчаны байкабай.
Кай жаккадыр бир максаты барчылап,
Көк асманда ала булут жылат жай.

Кол арыкта тунук булак шылдырап,
Наристенин күлкүсүндөй шыңгырап.
Мезгил деген бир тутамын карматпай,
Билинбестен суу сыяктуу жыл жылат.

Күн кечтеп, аска тозсо күңүрттөнүп,
Булактын үнү тынбайт шылдыр этип.
Эң жагымдуу обон созгон булакчам,
Азыр дагы оюн кылат мени ээрчип.

Кеч кирди, кеттим туруп мен ордуман,
Күүгүмдүк ээлеп алды бүт чөлкөмдү.
Шар аккан чоң Жыргалан жандап атам,
Көрүнүшү эки досту эске салган.

## ОЙ КЫЯЛЫМ

Чакчалекей ойлор кээде удургуп,
Чаалыктырат тынчтык бербей өзүмө.
Чайналуудан качкым келет алыска,
Бирок кайда, эмне жолугат көзүмө?

Чабыттайт ой - ооздуксуз, жүгөнсүз,
Чаң чыгарсам деген ниет жетелеп.
Чынар терек бийиктикке бой керген,
Алга умтул, дейт, далалаттан эселеп.

Ал теректин шыбыр сөзүн уккандай,
Чымчык боло канат күүлөп сермелем.
Көңүл кушун алга жүрөп тынчыбас,
Ой, кыялдын кылда учунда термелем.

## ЫЙМАН ДА, АКЫЛ

Көрүнүксүз мөмө-жемиш дагы жетпейт,
Көкүрөккө кантсе толот, ойлоп койбос.
Көзү менен мына басаар жер да калбай,
Караш керек эмгектениш дили ойлобос..

Кесирлиги көндүм адат, бакка баспай,
Кетменди бир матырып, сугат салбай.
Каркайып алма, ашпурт куурап турат,
Чым басып, бактын ичи, эч көз салбай.

Айылдагы атасы мында келген сайын,
Бак-даракка көз салып, көөнү тынбайт.
Канча жолу уулуна какшап айтып,
Бак-даракка кара деп, көндүрө албайт.

Кежирлик кан-жанына сиңген бала,
Кайдан уксун атанын сөзүн накыл.
Ата-эне ак эмгегин актай турган,
Балдарда болсун адеп ыйман да, акыл.

## ТАБЫЛГАМ

Жан-дүйнөмдөн ыр булагын суранып,
Сар-санаанын гүлүн терип олтурам.
Көңүлдөргө жуга турган бир сап ыр,
Таба алсам деп көөдөнгө ой толтурам.

Жемишсиз ойдон тажап, эшке чыксам,
Жаз баары жашыл көйнөк кийип келген.
Көктөмдүн жан сергиткен желаргысы,
Жай гана сылап кетти саамай, бетген.

Айлана бир башкача ажар алган,
Табиятта тазалануу, кооздук толгон.
Сулуу кыздын таралган чачы сымал,
Тегеректе ачык көңүл жүздө орногон..

Тырмак менен тазалап, бак сугарып,
Толкундана кыймыл менен үн да салуу.
Токпейилдик тазарган тегеректен,
Табылгам эркин саптар - илип жазуу.

## АДАМ ЖАНА ТАБИГАТ

Ушу тоо жерин коргоп карап турган,
Каруу, күчтүү баатырдан элес берет.
Көл, дарыя, жери кенен табыйгат да,
Так өзүндөй сезимиңе пейил берет.

Буюмдар - уз колунан оймолонгон,
Окшошот аркарларга тоодо ойногон.
Аскалар ак калпактуу ата сындуу,
Багжайып өз төрүнөн акыл созгон.

Булак сымал наристенин күлкүсү,
Булбул үнүн чагылтат кыздын ыры.
Күн нуру ааламды бүт жаркытып,
Табигаттын белгисиз арбын сыры.

## ТЕРЕК СЫНДУУ

Айдарым жел жүзүм сылап аймалай,
Жылуулугу жан-дүйнөмдү аралай.
Шуудурашат бир ыргакта теректер,
Арноо ырын созгон өңдүү дааналай.

Алган өңдүү ажайыптан конушту,
Агыл-төгүл мен да салсам добушту.
Чыга калган түркүн ыргак дилимен,
«Ак кагаздай орун тапсаң бол учтум».

Жаз илеби жарым маанай тартуулай,
Көңүл ырын ырдап турат тыйылбай.
Жан-дүйнөмө кереметтүү ыргак бер,
Терек сындуу шуулдаган кыйылбай.

## ЛИРАМ ЖАНГЫН

Шоолаланган таңды тозсом ажайып,
Саргайткан кусалык жок изи калбай.

Сырдуу агымын түк байкатпай куюлта,
Сезимимди уялаган лира үн салгандай.

Кабыл алган ички дүйнөм миң кайрык,
Көйкөлтө этек желдей чуркаганым.
Көркөмдүү гүлгө оронгон кенен талаа,
Көрсөтмөсү таасирленткен лирамдын.

Лирам жангын, кубулжуй жана бергин,
Бал тилдүү балалыктан кабар бергин.
Назданган арзуу сезим пайда кылган,
Толкундай жаштыгымдан салам бергин.

## КЫРГЫЗ КАЛКЫМ

Пейили эң бир кенен кыргыз калкым,
Бийикте кармап келет каада салтын.
Береке ырыскы толгон агыл-төгүл,
Касиет агып турган нурдай жаркын.

Жергебизге табигат көркөм дөөлөт,
Таанылтчу керемет көп берип турат.
Таң калтырар далай сыр чыгат дагы,
Кыргыз элим келечекке кулач урат.

Кылымдарды карыткан тоолор, аска,
Кыйындыкта бел болгон кыргыз калкка.
Каруу, күч, акыл, ойдун жетегинде,
Кыймалата жол салган келбес башка.

Аска, тоосун карасаң жерим менин,
Карылар кыркар тартып олтургандай.
Кыргыз калкым чалкыган пейли менен,
Кучакка дөөлөт, кешик толтургандай.

## АР ДАЙЫМ БИР

Адамбыз жашоо жолдун,
Ашуучу турмуш ашуусун.
Ар кандай өйдө-төмөн,
Азабын да тартуучум.

Ак дилден, ак ниеттен,
Ар дайым болсок жөлөк.
Арыкчадан секиргендей,
Ажайып жол жүзүн көрмөк.

## ӨМҮРГӨ ӨМҮР

Өмүргө өсө турган, өмүр тилей,
Өзүнчө жетине албас көңүл бийлеп.
Өтүүчү эмес, өсүүчү мына жакта,
Өрүшүндө жаштардын үнү күчөп.

Бири өчсө, кайра да жүздөп күйүп,
Өмүрлөр бирин-бири улай бермек.
Жер үстүндө акыл ойдон кереметти,
Жаралтып жарашыгын тага бермек.

## ТОБУРЧАКТАЙ

Шаракташкан өспүрүмдөр ойнунан,
Карагайдын тобурчагы элестейт.
Артта калган бир кусалык сыздатып,
Күз жамгыры  болуп жанга себелейт.

Шыңга терек карагайга эч окшобойт,
Бутагында тыйын чычкан секирет.
Капылеттен акырын соккон желаргы,
Жан-дүйнөдөн кусалуу ойду кетирет.

Төгөт булут жаз өткүнүн аз-аздан,
Эмне үчүндүр бала кезди эстетип.

Топ этип тобурчак түшкөн башыма,
Ошол кезди мезгил кетти четтетип.

## СЕЗИМДЕШ СЕНИ МЕНЕН

Сагыныч да саргайтпас ойдон кенен,
Сапар ала өткөн күндө жүргөн өңдүү.
Санжыра бир өзүнчө түзгөн окшоп,
Сезимдешим өзүң менен күлгөн өңдүү.

**Кайырма:**
Сезимдеш болсоң бирге,
Сен үчүн орноп дилде.
Ортобузда оюн салмак,
Арнообуз төгүн болбой турмак арбап!

Шат күлкүң мени өзүнө шак каратып,
Бир сырдуу, көздү албас мен өзүңдөн.
Экөөбүздүн тун сүйүүбүз жалын алган,
Көкүрөктө жүрөк дүк «сүйөм» деген.

Таалай-бакыт үндөөсүндө турмуш жол,
Салсак арыш ишенимдүү, эшиги ачык.
Алдыда бала ырыскы үнүн салса,
Сездинби күндөй жылуу мээрим чачып.

## АТ КЫЛГАН КЫЗМАТ

Бакча билбей, чоң ата чоң эненин,
Берекелүү агыл-төгүл конушунда.
Батырган ырахатка мээрим ээсин,
Балалыгы кандай назик добушунда.

Эрте-кеч айыл чаңын буртулдатып,
Чогуу ойноп, чогуу көңүл ачуучу.

Кумарлана «кыз куумайды» кубалап,
Чыбык жорго кебетесин салуучу.

Жибек барат «ат» теминип, аябай,
Жел сапыра чыгып калган саамайын.
Өрөпкүгөн чыбык тулпар камчылап,
Таап алчудай бул марадан таалайын.

Шок балалык оюндар болуп кымбат,
Жаштык орной Жибекте аста кылдат.
Жылуу сезим билинбестен күч ала,
Сүйүүгө жол ачкандай кылып кызмат.

## ЖОЛУН АЧСАК

Адырлары, тоолору малга толгон,
Талааны бош калтырбай колдо болгон.
Ой-максат, жакшы үмүттөр алга үндөп,
Жакшы ой жакшылыкка тирек болгон.

Эгемендүү журт болуп, ар, намысты,
Бийик кармап, туу тутуп алга бассак.
Түк талыбас эмгек менен биримдикте,
Келечектин түбү кенен жолун ачсак.

## СУУ КАСИЕТИ

Акса суу шылдыр шылдыр,
Касиети дааналанат.
Алып учкан жаштыгымдан,
Кандай элем кабар салат.
Кадалгандай шак ордумдан.
Кыйын болот алыстамак.

Кыз кезекте жүз тамылжып,
Кылыктана баскан убак.
Курбу курдаш батпас сырын,

Кезектешип ачкан убак.
Сүйүү нуру жылт эткенде,
Баш көтөргөн жаштык курак.

Жагымдуу үн, шылдыр агым,
Жадырайм көңүл байып.
Жылаажын шылдыр булак,
Табигат жашоо алып.
Суу болсо тынбай агат,
Жаштык кез кырда калып.

## КӨЗ КӨРГӨНДӨЙ

Тоонун суусу - өз жеримдин ыйыгы,
Тоюнтуучу жан-дүйнөмдү байытып.
Табышкери ата-энем – улууларым,
Аянда «биле жүр» дейт акыл айтып,
Алдым арыш мына  ажайып кызыгып.

Кандай ыйык, кандай бийик,
Карап турат элестер тирүүсүндөй.
«Кызым - сенсиң биздин мүдөөбүз
Биз жанында жүрөбүз».
Көңүлүмдү көтөрүүчүм бийик үндөй..

Ата-эне ыйыктыгын терең баалай,
Аралашып жүргөндөй көңүл толуп.
Айтканы, жасаганы көздөн кетпей,
Арты артынан куюлушкан сыяктуу,
Айткан акыл, кеңеши сабак болуп.

Мына эми, билемин кеч болсо да,
Мааракe чоң тойлорун өткөргөндөй.
Максат ойду аркалап жаш өтсө да,

Мандайымда акырындан орноп калып,
Сезимде жанып турат көз көргөндөй.

## АТА БАРКЫ

Эки ата эмгегин мен азыр билсем,
Эки ортодо өстүм, өндүм эркелеп.
Эч нерседен кем кылышпай дайындап,
Күндөй мээрим таткан элем эртелеп.

Уйчу атам уй артынан жашоо улап,
Кышы кыштоо, жайы жайлоо көргөнү.
Жолун издеп сүт-каймакты мол алуу,
Жыргалыдан көздөөчү эмес өзгөнү.

Темир жорго үн салдыра экинчи атам,
Таңдай каткан ысыкты сезбей кайра.
Көз жибере кең талаага береке, мол,
Эмки жазга кенен жетет кыялы уча.

Бири күлүк кула жорго кең жайлоодо,
Бири күлүк темир жорго кең талаада.
Башында балалык кез баасын билбес,
Ата баркы эми эч чыкпайт, санаада.

## КӨРӨМ ДЕСЕҢ

Окуялуу балалык кез сагынтканда,
Кусалыкка аягы жок малынтканда.
Көз жиберип табигатка, жандыкка,
Сезимди кусалантып, жалынтканда.

Чыйырчык учуп консо алма бакка,
Кыймылы окшоп кетет бала чакка.
Көңүлдөн чыкпай калган элестери,
Жаштыкка аралашып бир заматта.

Көрөм десең өткөн кез тамашасын,
Кыял менен кыжалатсыз жаратасың.
Сыдырым желаргыга жалбырагын,
Саргайтып мезгил кайда баратасың.

## АТА-ЭНЕМДЕ

Атама берсем ыр окуп,
Калчыдай энем таарынып.
Ата-энем жанмак дилде бир,
Акыл ой сөздү шар кылып.

Жароокер сүйкүм көз караш,
Жанга бергис ата-энемде.
Жапырт колдун күчүн актар,
Жерим бергис берекеңде.

## ЖАЙКЫ ЖАМГЫР

Жай саратан күчүндө ысып-күйсө,
Көздөн учуп көлөкө акактайт жан.
Кусалантып жан сергитер ак жаан,
Бир жаап өтсө сергип калмак жан.

Түшүнгөндөй табигат аба ырайын,
Бир күнү чүмкөп булут асман бетин.
Теребелди бүт каптап алды көлөкө,
Жайкы жамгыр көргөздү жаан четин.

Чарт чагылган жаркырап бир заматта,
Шатыратты ыр, күүлөрүн жаңырта.
Шаан-шөкөт маанайды түзгөн өңдүү,
Табигатты жааса жамгыр ажарланта.

## АЛА-ТООМ

Аска зоосу асман тиреп бийикте,
Алган орду касиеттей бир өзгөчө.

Ажайыбы сөз менен айтып бүткүс,
Адам кармайт акыл менен бөтөнчө.

Ала-Тоо - орун алган мекенимде,
Алмашкыс бул дүйнөдө эч нерсеге.
Ак калпак толкундана көздү алган,
Жүргүн деп үндөп турат берекеге.

Ала-Тоо тирүү турган түбөлүк жай,
Кыргызым өмүр кечкен ыйык конуш.
Кучагыңдан биз өсүп, өнүүдөбүз,
Ала-Тоом, сенсиң бизге жайлуу конуш.

## АЖАЙЫП

Бул ажайып - эки жаш ортосунда,
Махабат чоң жалындуу оту жанат.
Эки жүрөк бириктирген түбөлүккө,
Ажырагыс эң бир бекем кытын куят.

Сезимдерин эки жаштын түк муздатпас,
Орун алган эң бир ысык, сырдуу илеп.
Мына шумдук, бир заматта эки жүрөк,
Бир орундан үн алышып кыт-кыт күлөт.

Бары ажайып кыналышкан жар менен,
Бакыт агым, дайра сымал шар, кенен.
Бата агартат, көгөртөт бийик күндөй,
Берилүүчү ата-энелик назар менен.

## ДОЛУЛУК

«Мен кыйынмын, мен эрмин» деген адам,
Ишке ашпас, кур ой менен шилтейт кадам.
Кара зил бүт дүйнөсүн курчап алган,
Кымындай жакшылык жок, көөдөнү арам.

Кур тили менен тоо томкоруп койгондой,
Журт тизгинин жалгыз гана чойгондой.
Долу адаты бир кармайт да, оозунан,
Кара ит кирет да, ак ит чыгат ойлонбой.

Карылардын насаат сөзүн эч эске албай,
Акылдуу, жөндүү кепке түк кулак салбай.
Өмүрдүн мөлтүр суусун кумга төгөт,
Адамга бир жолу да жагуучу иши калбай.

Бутуң, колуң тынбайт, дайыма кыймылда,
Ак эмгек жолу менен арымдасаң турмушта
Ал табылга ала турган, сала турган уучуңа.
Долулукту таштагын да, ырысыңы жулгузба.

Бирок калбайт экен көндүм адат, кайрадан,
А долунун тоту куштай сайраганы-сайраган.
Өзүнүн ким экенин түшүнө да албайт,
Кайран өмүр, зилине долулуктун жайраган.

## ЭРКЕЛЕП

Жай аптапта талаада кетмен чабат,
Ысык илеп жалындап денс кактайт.
Таңдай катып, ооз ичи чылаланып,
Ичүүгө тамчы дагы сууну таппайт.

Мына ошол кебетесин байкагандай,
Күтпөс жерден керемет келгенсиди.
Булуттар бир заматта Күн калкалап,
Жаан төгүп, сергүүнү бергенсиди.

Чөмүчтөп энекеси суу бергендей,
Асманга бетин тосуп карап турду.
Талаасы бир заматта жашылданып,
Эркелеп, ал булутка колун сунду.

## МӨЛМӨЛҮМДҮН ШАРЫНДА

Угуп жатып миң кайрыктуу «Мөлмөлүмдү»,
Учуктуу, күтпөгөн ойго мен келбедимби.
Ушул бойдон көздөгөнгө жетип, жетпей,
Удургуп каламбы айтпай аздек сөздөрүмдү.

Көздөгөндүн караганы, күлгөнү келип ачык,
Карааны көз алдымда күн-түнү эшик ачып.
Көңүлгө бир дем берээр күч, кубат бар,
Көздөгөнгө жетсем дейм жарк нур чачып.

Шардуу чыгат «Мөлмөлүмгө» кулак салып,
Шаңданткан жан-дүйнөмө канат тагып.
Шарт өзүм кыял менен Мөлмөл болуп,
Шашылам көздөгөнгө дайрадай агып.

Кандай нуктуу кыргызымдын ырлары,
Кайрылткан жаштык кезге таң сырлары.
Касиети көл жээктеп көрүп далай кызыкты,
Куланып балалыктын өтүп кетти жылдары.

## АЛГАЧКЫ ГҮЛ

Кадам салган жаш бозой сүйүнүчтүү,
Кандай кызык болот деп күн бүгүнкү.
Капилеттен каршысынан чыга келген,
Сулуунун жалт каратты шат күлкүсү.

Келди күткөн сезим ээси боло калган,
Сулуу кыз күтпөс жерден чыга калган.
Келе атты сүйүнүчтөн жүрөк туйлап,
Колунда гүл алгачкы кармап алган.

## ЭНЕ ҮЧҮН

Энекемдин добушун уккан сайын,
Эргичү көңүлүмдү да бир заматта.
Эми мен өзүм дагы чоң энемин,
Неберелүү алмашкыс эч бир затка.

Көзү ойноктой чимириле жанында,
Туйлагандай жүрөгүмдө, канымда.
Күндүн нурун алсыратып койгондой,
Эне мээрим оргуп чыккан табымда.

Эне болдум - бу дүйнөдө арман жок,
Неберемди мен жетелеп, көңүл ток.
Элде, жерде тынчтык болсо болгону,
Мындан башка эне үчүн кымбат жок.

## СЕЙИЛ БАГЫ

Айылдын орто чени, сейил бак бар,
Жалбырак добуш салат шуулдашып.
Балалыктын дүйнөсүнө мен да кирем,
Жашынып отургандай башын катып.

Бирок мында башка бала, башка эне,
Бала ойнойт жаш кулундай жанында.
Карап турсам дал өзүмдүн энемдей,
Күндөй мээри бир кемибес табында.

Сейил багын аралап мен басам жай,
Кусалык көөдөнүмдүн тынчын алат.
Бала кездин куунак күнүн табалбайм,
А жалбырак тыным албай үн салат.

## ОЙ ЧИМИРИК

Кичинекей бакчама мен көз салсам,
Жайлоо төрү көз алдыга тартылат.
Таңда атам бараткандай уюн айдап,
Тоого болгон кусам кайра артылат.

Мына атам ыйык көргөн арча түбүн,
Паанектеп олтургандай мени алып.
Керемет кызык жомок айткан сымал,
Чуркагым келип кетти тура калып.

Оюн койгон ой чимирик, бийик арча,
Көз алдыдан кетпей турду бир канча.
«Эне!» деп кыйкырып чуркап келип,
Селт эттирди неберем ойду жанча.

## ТУРМУШТА

Өмүр бар өнө турган,
Ойлогондой бүткүс элес.
Жол турат түптүз болуп,
А кээде түптүз эмес.

Аста шилтей кадамды,
Турмуш татаал табылга.
Айнып кетсең зар кылчу,
Талкаланат камылга.

Турмуш жол ойку-кайкы,
Турганы катуу кармаш.
Туура келсе татаалдыгы,
Көз ирмебей таймаш.

Бийик кармай алдыга,
Ой-максаттын чырагын.
Таза дил тутуп ылайым,
Түнөк кыл өмүр турагын.

## КЫЯЛ ОЙ

Жай кадамдай, кыял менен баарлашам,
Жабыркабай жалгыздыктан көңүл ачам.
Жан досума - кезигип балалык кезге,
Жымың карап, көздө кубанч нурданам.

Жаштык кезек артынан наздуу карап,
Жалындатчу жан дүйнө сезимди арбап.
Жашылданган табигат да бир өзгөчө,
Жаным келчи, колуңа кооз гүл кармап.

Жарым кылым кучагында өткөндөргө,
Жанаштырчум ишенимдүү ачып коюн.
Балалык, жаштык курак кол булгалайт,
Жан-дүйнөм бир дүрбөлөң салып оюн.

Кыял менен ой азыр да кырчын кездей,
Жаш мезгил бир кыйла кыр ашса дагы.
Көңүлдөн биротоло түнөк тапкан,
Жакшынакай окуялар жашайт дагы.

## БАЛАЛЫГЫМ ЖАДЫМДА

Жадымда учуп күйгөн балалыгым,
Жатсынбас оюм-оюн ачкан түрүн.
Жарк эте бир кайрылса ошол кезек,
«Жан досум» күчүндө күнү бүгүн.

Шуулдап жел жүрсө да элес келип,
Шаракташкан күлкүлөр кулагымда.
Шаан-шөкөт толтура жаштык курак,
Алыстабайт жан-дүйнө булагында.

Кандай кызык өтүп кеткен балалык,
Капилет дос кечиксе тапкан ыгын.
Ак таңда кашаадагы чаар короз,
Кайталайт ар күн сайын чакырыгын.

Айырмасыз ордумду алган неберем,
- Жүр ойнойлу, - деп турат берекем.
Кучакка алам мээримимди төгүлтүп,
Ошентип, бала кезди эстей берем.

## КӨРҮНҮШТӨН

Көпөлөктөр кенен гүлдүү талаада,
Көркүн берет учуп-конгон айлана.
Көздүн жоосун алган мына керемет,
Көпкө турдум кыял оюм байлана.

Көңүл ача жүз нурланткан кең талаа,
Кереметин жаштык кездин имерген.
Кыймыл дагы айырмасыз орнолот,
Кымча белим желдеги гүл ийилген.

Кең талаа жүз алуучу мезгил менен,
Көрүнүш эсте турган байлык кенен.
Кыялдагы сураныч - өзгөрбөстөн,
Жүрөт дале кетпестен мени менен.

## КӨЗДӨН УЧААР

«Эли» деп журт кадырын билип даана,
Кан майданда тике тура кайтпай артка.
Манас, Семетей, Сейтек жолун улап,
Канча баатыр орун алган санжырада.

Асабасын кыргыз элим бийик кармап,
Эгемен өлкө мына эми бутка турарда.
Элин,жерин тоноп алып душмандай,
Ыймансыздар качып кетти заматта.

Кантип басып, кантип өтөйт өмүрүн,
Калк каргышы сыйрып өтсө жон тери.
Көкөй кескен сөзүн угуп бөлөк элдин,
Көздөн учаар миң көксөтүп өз жери.

## НАК БАЙЛЫК

Үйү толгон кымбат баанын күчү менен,
Оозу толгон жылтыр-жултур тиш менен.
Коомайлана сөзү супсак, муздак караш,
Менменсине жалаң мендин иши менен.

Байлык жалгыз көрсөтпөйт адамдыгын,
Баа берүүчү касиет көп, билсе анығын.
Барктуу болсо пейил менен жакшы ниет,
Көрсөтүп турат кымбат, дааналыгын.

Байыйм деп баюу жолун бийик койсоң,
Жаман эмес алда жакшы, бирок ойлон.
Нак байлык бапыраган балдар, анан,
Калууң керек таза ойлуу адам бойдон.

## ТАЛБАЙЛЫЧЫ

Балалык шарданында оюн курсак,
Бакыбаттуу үндү салып каткыра.
«Силер менен тең өссүн» - деп,
Бак көчөтүн тигишкен ата, ага.

Байкабай бу жылдардын өткөнүн,
Балалыктын кай тарапка кеткенин.
Атаганат, бир кайрылса ошо кез,
Бир көрсөтүп энекемдин өпкөнүн.

Ошол бактар көктү тиреп өсүшкөн,
Бала кездин көчү ыраак көчүшкөн.
Толгон Айдай шыкаалаган булуттан,
Жаштык күндөр узагыраак кетишкен.

Бакыт, таалай берекенин агымында,
Ыкшоолонуп арт жакта калбайлычы.
Өмүрдүн кунун таба бул жашоодон,
Дарактай тамыр жайып талбайлычы.

## ШУУДУРУМ

Таңкы абадан көөдөн кере демди ала,
Мөлтүрөк шуудурумдөн эч көз албай.
Жарк эткен мончокторду тагынчудай,
Бетти тоскон секелек кез үн салгандай.

Ушунча кооз шүүдүрүм өтүп кеткен,
Шөлбүрөп дагы моокум канбай.
Мөлтүрөгөн капкара мончок терип,
Көп жүрдүм карагатты жакын жандай.

Мына азыр алма бактын шүүдүрүмү,
Балалык кездегидей көз кубантат.
Береке, ырыскыдан кабар берген,
Жибекке оронткондой накта ырахат.

## ӨСӨ БЕРСИН

Ак дилдүү, ак ниеттүү эки түгөй,
Турмуштун балын тата кенен басса.
Экөөлөп жалгыздыкты четке түртө,
Күч алып, кол кармаша алгалашса.

Кечээ эле буралып кыз, сындуу жигит.
Турган болчу бир-бирине чимирилип,
Мына азыр эки түгөй бир көз караш,
Бакыт үчүн деген дилде ийилишип.

Өсө берсин ак дилдүү жаштарыбыз,
Алдыдагы тамыр алаар шак багыбыз.
Ата-эне арты-артынан атты алып,
Кылымдап көктөп тукум улаарыбыз.

## СҮРӨТЧҮ МЕНЕН АКЫН

Мына ажайып көз сала ойго тунган,
Акын оюн, сөздү илип калем ойнойт.
Капталдап учкан бүркүт эликти кууп,
Шуулдап бир капшыруу жагын ойлойт.

Сүрөтчү ылдам кол менен боёк сүртө,
Полотного табигатты тартты кенен.
Аска, зоо, айлана учкан бүркүт өзүн,
Кондурду эми эле алган олжо менен.

Акын да ал бүркүттүн шаңшыганын,
Сүрөттөп берди ажайып сөздөр менен.
Бүркүттүн жандуу элеси ырда калган,
Сөздөрдүн кудурети ушундай белем.

Эки эмгектин натыйжасын эми байкап,
Акын көрөт, сүрөтчү окуйт бир ойду.
Айырма - бири боёк, экинчиси сөз менен,
Жакшынакай бир эмгек жасап койду.

## ЭМГЕК МЕНЕН

Көөдөн кере жутуп айыл абасын,
Бир иштин да койбой чаласын.
Турмушунун арабасын айдаган,
Аталарга абдан таң да каласың.

Кыймыл ыкчам шайдоот көрүнүш,
Колдон кармап иштин ыргагын.
Көңүл куунак, жүз ажардуу өзгөчө,
Айткан өңдүү: «Бекер турбагын!».

Билек түрө бир-бирине дем берген,
Биздин айыл өсүп-өнсүн деп келген.
Бир аз кыйшык жанып өтсө тактайын,
«Колум сынсын!» Уста сөзү эстелген.

Чоң өзгөрүү, мына азыр көчөлөр да,
Арбып улам, жаңы тамдар салынган.
Мезгил менен жаңы муун жаралып,
Бул турмуштун дайрасы жай агылган.

## МОЮН БЕРБЕЙ

Адамбыз өмүр даамын тата турган,
Алыш-бериш, каада-салт тута турган,
Ар дайым каны бирге, демди берген,
Ал-ахыбал бир-бирине айта турган.

Таталы бир берилген жашоо даамын,
Кулак кагып кереметтүү добушуна.
Турмуштун туу чокусун көздөйлүчү,
Моюн бербей тагдырдын оорусуна.

## ТУРМУШТУК ЖОЛДО

Кирген иштен баш көтөрбөй күн бою,
Кандай ыкчам саймаланат ак чүпүрөк.
Кол кыймылдап, жип ийрилип ийикте,
Дал мезгилдин өзүнө окшоп жүгүрөт.

Кымча бел, кылыктанган кыз кезек,
Жан-дүйнөнү саймаларга түшүргөн.
Сезимдерден тып-тып тамган кыялдар,
Саймаларда өз жашоосун бүтүргөн.

Ажар алган кыз кезекте энем болуп,
Ак чүпүрөк саймалана гүлгө толуп.
Ата-энем колтукташкан элес жана,
Арыш алган турмуштук жолдо болуп.

## ЖАКЫНДАТАТ

Шатыча дубал түбү орноп турган,
Секелек кез - тынбаган кыялымда.
Сезимде балалыктын өкүм сүргөн,
Азыр турам ошол кез кыябында.

Бийикке шаты турат башын такап,
Бут шилтеп чатырга чыгып бармак.
Көгүчкөндөр сандаган куруп алган,
Уяларга орун тапкан көздү салмак.

Ар уяда жумуртка үчтөн-төрттөн,
Кез келип андан чыгат балапандар.
Алууга бирин дагы балалыктан,
Аео сезим күчүнөн даабас жүрөк.

Сезилте илгерки элес туудурган ой,
Сезимтал, секелек кез ыраазымын.
Учуп конгон азыркы көгүчкөндөр,
Жакындатат балалык ыраакысын.

## ОКШОШТУРА

Четтеги жайылган малды карап,
Теребелде ыргалган талды карап.
Чечекейим чеч болгон,
Четинен окуясы өтөт сандап.

Уй музоо, бээ кулунун ээрчитип,
Алыстатпай корголоп басат тура.
Аларды карап турам ата-энеге,
Мал кыймылын окшоштура.

## ЖЫРГАЛАҢ СУУСУН ИЧКЕН

Керсий, эрин кургап, таңдай катса,
Кериле аккан тунук суусун эске салам.
Керемет жер түпкүрүн жарып чыккан,
Кочуштап, ырахат алып ууртап алам.

Жалтырак таштарыңдан топ-томолок,
Капчыкка бермет сымал терип алам.
Тазалык, тунугуна мен бет тосуп,
Өзүм да бир башкача болуп барам.

Мына ууртап, суусун канды заматта,
Мына тердим толду капчык таштарга.
Жыргалаңдын суусун карап олтуруп,
Түшкөнсүдүм бир топ жашка жашара.

## ИМЕРИЛЧИ

Эргүү келсе акындар кубанышат,
Ырына узун өмүр суранышат.

Мага да учкун келип эргүү деген,
Дилимде сөздөр сөзгө куралышат.

Элүүнчү кырга келип калганымда,
Аян берип мен калем алганымда.
Эчактан алпурушкан дарт алыстап,
Алыска кетип барат арманым да.

Күтпөгөм ыр жазам деп эч убакта,
Ажайып дүйнө экен ушул жакта.
Аяндан келген эргүү имерилчи,
Дилимди койдум өзүм ак баракка.

## МЕН ЫРААЗЫ

Санаа эзген бир коркунуч өзгөчө,
Пайда боло калат кээде жөн-жайдан.
Андай кезде үмүт чыгып алдымдан,
Жетелеп жөнөп берет кучак жайган.

Жаңы ой келет ошол үмүт артынан,
Коркунучту алыс айдап күч менен.
Акырын алаксытат ойлор мени,
Бардыгы жакшы болот эми деген.

Учкул ой, жакшы акыл үрөн кылып,
Алып жүргөн адамзатка мен ыраазы.
Бир заматта чечпегенди чечип ала,
Бардык жактан боло турган кыраакы.

## АШЫП ТУРСА

Үрүл-бүрүл агарат таң,
Ойгонуп тээ Чыгыштан.
Шоолалана күн көрүндү,
Нурун чача тоо жактан.

Таңды тозо болосуң таң,
Дилиң да таңдай агарып.
Сезимиңди бир сергитип,
Ээлеп алат тазалык.

Эң бир сергек ойду берип,
Эки ишти бир кылуучу.
Кубат-күчтү берип коёт,
Алдыга ылдам жылуучу.

Бул мезгилдин айлампасы,
Кечикпейт да, жаңылбайт.
Бир тамчыга кемибей ал,
Өмүрдү уурдап адымдайт.

## БАЙЧЕЧЕКЕЙ

Жаштыктын түнөгүндө ойлор турат,
Жүрөгүндүн ыргактарын эстетип.
Бажырайган байчечек гүл ачылат,
Балалыктын дүйнөсүнө эс кетип.

Күндүн нурун кийинип үлпүлдөсө,
Күлкү менен тоскон сымал келечек.
Алгачкы жаз белегин тартуу кылган,
Ажайыпсың, ырга байсың байчечек.

Өсө бергин, ачыла бер байчечек,
Биз туралы канбас жытың миң искеп.
Аста шилтей өмүр жазган тагдырдай,
Калбайлычы таман алды биз тепсеп.

Чектен аша сүйүнткөн талаа болуп,
Чылгый алтын шуудурүмдөр уялаган.
Сапсары, жалт-жулт эткен байчечек,
Көңүл кушун тээ бийикке кубалаган.

## ӨҢҮ ӨЧПӨЙТ

Канча күн, канча жылдар өттү деги,
Картая эне карылыкка колун берди.
Ошентсе да карегинде жылт этип,
Жакшы кездин өңү өчпөйт илгерки.

## БЕРЕТ МАЙРАМ

Алла Таала агылтып берген майрам,
Береке ырыскыдан турат пейил, ниет.
Аракеттен түрлөгөт толуп дасторкон,
Ак нандан, жер-жемиштен бели ийилет.

Ак пейил, ниет берекесин көрсөтмөк,
Ыраазылык дилден-дилге өткөрмөк.
Ырыс алды - ынтымак бек чыңалып,
Сый урматтан бүчүр жарып көктөмөк.

Алла Таала өмүр берген ар бир дилге,
Ыйман болсо турмуш алга өсүп өнөт.
Бул майрам жашообузга келип турсун,
Алгалаган жашообузду көздөр көрөт.

## БАЛА

Татасың сүт ыйыгын көз жарып,
Ата-эненин мээримине бөлөнүп.
Бала деген ыйык атты сен алдың,
Бул дүйнөгө бапестелип төрөлүп.

## КАДАМЫНАН ИЛИМ-БИЛИМ

Келсе айылга өнүп өсүп, көгөргөн,
Кыйла шоктуу балалык кез өткөргөн.
Бир мектептин босогосун бир аттап,
Китеп билим булагын тең бөлүшкөн..

Дитин коюп билим алуу, окууга,
Кыял-ойдо жан-дүйнөдө максаты.
Мезгил деген учкул экен, он жылы,
Өтүп кетти, көбү азыр бак-шактуу.

Кандай көркөм табигаты жеринин,
Кадыр-баркын кенен пейил элинин.
Көрсөтүп көтөрсөм дейт бөлөк элге,
Ким экенин даңктуу кыргыз элинин.

Эл-журттун керегине жарасам деп,
Канча татаал эмгекти жасап келет.
Илим-билим алышкан классташтар,
Кыйла өзгөрүү желегин желбиреткен.

## ЭКИ ЖҮРӨК БИР НИЕТ

Байыткан жан дүйнөсүн жаштар көп,
Табышмактуу көз караште жылмая.
Табылгаңар жооп алчу турмуштан,
Таалай бакыт үнүн салат - алдыга!

Жалындаган жаш кездин учкундары,
Толо күчтү алган өңдүү мына даана.
Таза ниет-турмуш жолдо эмне керек,
Тамандардан чаң чыгаруу кадамдарда.

Турмуш жолдо эки жүрөк бир ниет,
Татаалдыкты бир-бирине сездирбес.
Табылгасы бала ырыс байлык болсун,
Толуп-ташып бирге табат бир жүрөк.

## БАЙКООС АЛБАЙ

Чалкан чакты отоо жулса капилет,
Тызылдатып, эки колун чыдатпай.
Жалакайлык улгайганда жармашып,
Күчү тайып, шайман кетип алат шай.

Балалык, жаштык кезде оору-дартка,
Моюн бербей, даң салып жүрө берет.
Адам деген ушу экен – курсак токто,
Өмүрдү байкоос албай сүрө берет.

## ЭКИ АТА-ЭНЕ МЭЭРИН КӨРҮП

Мен өстүм эки ата-эне мээрин көрүп,
Эрке кыздын жоогазын гүлүн терип.
Сезчүмүн бала кезден эки жактан,
Эки Күн турганга окшоп нурун төгүп.

Эки ата-энем ар дайым эки жактан,
Алпечтеп, чаң жугузбай аяр баккан.
Бирөөсү бул дүйнөгө көз ачтырып,
Бирөөсү мойнума ак мончок таккан.

Өмүр берген ата-энем силерге мен,
Өмүр боюу ыраазымын ак дилимен.
Азыр мен ойлоп көрсөм чыны эле,
Пейлиңер болгон экен көлдөй кенен.

Алардын барын, жогун көрүп экчеп,
Ага-жеңем туягы жок калбасын деп.
Эгерде антпегенде кары эки адам,
Калышмак жалгыздыктын азабын жеп.
Бул өмүр кандай чала, кандай кыска,
Сөзүңөрдү уга албайм мээрим, нуска.
Төрүмдөн көрүнүшпөй эки ата-энем,
Жүрөк сыздайт зор куса, сагынычка.

## БАЛА МЕНЕН НЕБЕРЕ

Кечээ эле бала болчу бал тилдүү,
Бүт короону шаңга бөлөп ойногон.
Көкүрөктө бүдүрү жок санаанын,
Балалыктын ойнуна түк тойбогон.

Мына эми ошол кездер алыстады,
Ошол шаңдын көлөкөсү узарып.
Учкул мезгил дөңгөлөгү зымырап,
Таң аткандан батканы тез кызарып.

Турмуш өзү токтобогон дайрадай,
Шуулдаган нерсе экен да дегеле.
Өмүрдү улап келе жатат азайган,
Келечекке кол сермеген небере.

## ТЕЗ АЛЫСТАП

Элим бар ачык маанай, кенен пейил,
Керемет бир касиет бар агыл-төгүл.
Кичүүгө ызаат, улууга урмат кылып,
Бир-бирине караган жайдар көңүл.

Жай толуп турган кезде, бак ичинде,
Селкинчек тээп, ортону ээлеп шаттык.
Жаштык илеп, толкундуу ойлор учуп,
Кыялдарды асманга күүлөп жаттык.

Күү уксаң, ыр уксаң да кумар канбас,
Жаштык деген кандай сонун шарапат.
Коюн толгон ырыскыдан таттырып,
Мына эми узап, тез алыстап баратат.

## ОТУ КҮЙҮП

Басты катар эки жаш жаңы тааныш,
Бажырайган кыз көзүнөн нур чыгып.
Ак жүздүү, өткүр көздүү жигити да,
Тартылып ага карайт, улам кызыгып.

Бир-бирине алдыртадан тамаша сөз,
Жылдырып купуядан сырын тартат.
Сезимдин учкунунан тамызгы алып,
Чабыттап учкул ойлор дүйнө артат.

Кыналат кырандa өскөн эгиз талдай,
Кандай күч бул экөөнү жакындаткан?
Чоң турмушка чакырып эки жашты,
Махабат оту күйүп, жалындаткан.

## ТАҢКЫ АБА

Танкы аба сезимди шыктандыра,
Айткандай - умтул дайым алдыга.
Таяныч нак үн салгандай,
Жакшылык жактарга ыкта.

Тоо аркалай күн күлүндөйт,
Салкын жел жүздөн сылап.
Толтуруучу ажайып кереметин,
Ак таңды экинчиси келет улап.

Тып-тып тамган шүүдүрүмүн,
Мончоктой күн нуруна чагылат.
Тал-терек шуудурагы обон созуп,
Жаштык кездин учкундары жагылат.

## НУРДАНТУУЧУМ

Нурдантуучум күн илеби,
Мандайымдан жай сылап.
Алмашылбас күн нурунан,
Нуска келет «тып» кулап.

Нур берчү турган курчап,
Наздуу болгон мына биз.
Бизден дагы өтсө демек,
Баа жеткис нурдуу жүз.

Күндөн, жүздөн теңме-тең,
Бирдей нурдан орноткон.

Кубаныч жүз албыртаар,
Таалай бактым абдан чоң.

## ТАЙБАГАН

Толо түшмөк бир заматта,
Жылуу сөзгө малынган.
Боло түшмөк бир заматта,
Муздак сөздөн байкуш жан.

Бекем болсок дейм адамзат,
Ынтымак, ырыскы кармаган.
Жек көрүшпөй жүрөлүкчү,
Жылуу сыйдан тайбаган.

## ЖЫЛ ЖАҢЫРЫП

Жамынта ак килемчесин табигатка,
Жаркын күндүн ажайыбы имерген.
Көз кумары канбай турган далайга,
Кыш өзүнүн кереметин жиберген.

Кыш көрсөтө жааган карды таптаза,
Көздүн жоосун ала турган башкача.
Көрк өзүнчө жер жамына ак карын,
Кени сындуу берекеге жол ача.

Бир заматта көтөрүлөт көңүлүн,
Жан-дүйнөң бир тазаргандай өзүңүн.
Бекеринен кыш келбес дейм ааламга,
Жыл жаңырып өмүргө кошуп өмүрүн.

## КАРЫ ЭМГЕГИН АКТАСАК

Карылар дөөлөт күтөт кадыр-барктан,
Ата журтка канча күч келген сарптап.
Жасаган эмгегинин үзүрүн көрүп жатат,
Биздин милдет – аларды калыш сактап.

Жаштыгы өткөн кыйын-кезең убакта,
Жалын чактары калып күрөш, эмгекте.
Дан айдаган, малды баккан тоолордо,
Кол жооруган суу сугарган кетменде.

Кары эмгегин баалап алсак жалпыбыз,
Акыл, насаат, нускасын бекем сактасак.
Артыбызда канча өмүр бар өткөрүүчү,
Карылардын зор эмгегин актасак.

## СЕЗИЛЕТ

Теребелден оюн курган наристедей,
Шыңгырап, кандайдыр бир үн келет.
Туюмдар желбиреткен буюмдардан,
Көпөлөктөй дилдирек сезим келет.

Теребелге бет алып, кадам салам,
Туюмдан учкул канат алганымдай.
Баласына тилек кылган ата-энедей,
Сезилет жаңы дүйнөгө барганымдай.

## КҮТҮҮ

Өйдө-ылдый өткөндөргө аста карап,
Бак түбүндө олтурат жалгыз кары.
Санаанын салмагына башын ийет,
Ооруп калса жакын жок берчү дары.

Зеригүүнүн зардабынан чыга албай,
Өткөн күнгө кадам шилтейт ой менен.
Жаштык кезге бир заматта алпарган,
Күлүк нерсе болот тура ой деген.

Аракет жерде калбайт, берекет бар,
Жетилтип балдарын да бакты жакшы.

Турмуштун мыйзамынан чыгалышпай,
Мекендеп кетишти алар ар кай жакты.

Күндө бир маал олтуруп бак түбүндө,
Жалгыздыктан зериксе да муңайбайт.
Өмүр тилеп, тозбой турган бак тилеп,
Алыстагы балдарын күтүп, тажабайт.

## СЕЗИМ ГАНА

Сезим ыйык, сезим кымбат өмүрдө,
Жерибестен балын дагы, тузун тат.
Бул жашоодо өмүр, өлүм сыяктуу,
Катар жүрөт бирде кайгы, бирде шат.

Өмүр үчүн бул касиет өзгөчө асыл,
Туясың жумшак, катуу, ысык, муздак.
Жүрөктөгү сүйүүнү, дил тазасын,
Жүздөрдөн агып турган жылуу ыргак.

Жакшы, жаман, адал, арам ниетти,
Көздөн дагы, сөздөн дагы дааналап.
Агыл-төгүл, же тардыгын пейлинин,
Сезим гана билип турат даанарак.

## КӨЛДҮ КАРАП

Көгүлтүр көл чагылып Күн нуруна,
Көрүнүшү ажайып турган тартып.
Аккуулары алыстан канат күүлөй,
Жаштар түшкөн ак кеме барат калкып.

Конушкан койкоюша көл үстүндө,
Кош аккуу кыналышкан эки жаштай.
Кандай укмуш - ал экөө толкун жиреп,
Турмушта өйдө-ылдый кыр ашкандай.

Ырахатта толкун шилей шаракташат,
Ыры да, сыры чыккан жаштар толо.
Толкундар Күндүн нурун ойноп турат,
Көл өзү калган сымал жапжаш боло.

## ТУУГАН, ДОСТУК

Табылбас эң бир бекем жолун ачып,
Ынтымак шарданында аяр басып.
Тууган, дос биримдиги эч бузулбас,
Ак дилдин дал төрүнөн орун алып.

Толуп турмак тууган, достун тилеги,
Аңкатпас жылуу карап берген суусу.
Теребелдей эң салкын жан сергитчү,
Той-тамаша дилден оргуп чыгуучу.

## КУТ КЫЯЛЫМ

Сен тепейген топчу мурун аталып,
Дүйнө капар эрке кыял бала элек.
Ошол кезди бир эстеп алган кезде,
Жүрөктү тыз эттирет куса деген.

Бадачы Ыскак чоң ата көрө калса,
«Топчу мурун» деп өзүнчө жалына.
Кандай жакшы адам деп ойлочумун,
Батасын берип турган баарыбызга.

«Топчу мурун» аты улам жаңырып,
Толкундачу жүрөк дүк-дүк кагылып.
Толуп турчу кулач уруп баарына,
Кут кыялым ажайыпты жай кылып.

## АК СҮЙҮҮБҮ?

Ак сүйүүбү? Назик сезим үнүн салган,
Нукура жан дүйнөңдүн тынчын алган.
Наздантат сымбаттуу жүз ээси болгон,
Жүзүндө күндөй жаркын нуру жанган.

Келбети жайнап турат кырдаалында,
Кеңири ой бөлүшүү кыялында.
Орун алган чогуу тозгон тамашасы,
Үн бергендей сезимине: жанат мына.

Жолукса кыялында кайра күчөй,
Жалындап от алалбас ичтен түтөй.
Жай баракат наристе кез самай калат,
Жүрөккө күч келтирбес сүйүп-күйбөй.

Сүйүүгө жооп алалбас - мына азап,
Кыз мүнөзү уяңдык күчү жетпес.
Капилет орноп сезим бир өзүндө,
Үмүт оту жүрөктөн кайра өчпөс.

## КӨЛДӨН ТОЛО

Көл жээктесем көрүнүшүң элестеп
Куушмай күчүн алган секелек кез.
Кумар кангыс төп келген тамашага,
Толкундар аралашат жетелеп тез.

Карап турам толкундарды өркөчтүү,
Көбүктөнөт шарпасы кыз кыялдуу.
Кучагынан адамзаттын үн салган,
Көлдүн жээги бак-дарактуу, туландуу.

Келип турам толкундардан кумар таап,
Көңүл ачуу шарпа куунак уланмак.

Жан дүйнөмө толтуруучу сөз байлык,
Ыр кадамда жеңил басык күч салмак.

## НАК РОМАН

Ата-эне ээси кылган мээрим дайра,
Агылта ордосунан үн салдыра.
Ата-апа айткан акыл насааттары,
Аягы жок чыгарма роман даана.

Угуп кулак, тажабас ышкы арта,
Узун өмүр наристеге бүтпөс каалап.
Канча өтсө да бул роман түгөнбөс,
Уул уулду ээрчиткен кайра баштап.

Ырыс алды - ынтымактан көгөрсө,
Романтика үй-бүлөлүк орносо бек.
Туу тутарын бала ырыс улантуучу,
Артынан улам жолун улай бермек.

## АЙ ЖАҢЫРСА

Ай жаңырса жадырайт менин көзүм,
Асманга кол сундурчу акыл сезим,
Ачык асман көк деңиздей туптунук,
Айткым келет жүрөктөн асыл сөзүм.

Жаңырган Ай келбетин карап туруп,
Жадырайт жан дүйнөм, көңүл тунуп.
Жүз жаркыта кыялы жаштыгымдын,
Ажайып кооз өзүнчө дүйнө куруп.

Жымыңдашкан жылдыздар тегерете,
Жан-дүйнөгө өзүнүн көркүн бере
Ой кыялым өткөндөргө чабыттайт,
Жаңырткандай ошолорду дале менде.

## ЭНЕ ҮЧҮН

Баш оорута мынча кабак түйбөгөм,
Кайгы менен капалыкты билбегем.
Багыт алсам кусалыгым жазчудай,
Неберемдей эне артынан үндөгөн.

Күлкү үндөн окшоштуктар заматта,
Күч бергендей көңүл тойбос кубатка.
Колго алчудай жандап өтүп баратып,
Өзүмө айтам - капалыкка алдырба!

Турмуш күүсү алыстаткан шартында,
Туу тутаарын алыс жүрсө сагынта.
Төрт тарабын курчап турса энелеп,
Төгүш мээрим эне үчүн бакты да.

Келет бир күн кайра өзүмдү жубатуу,
Дем бергендей өзүмө-өзүм кубаттуу.
Коштоосунда бала ырыс дүнүйөм,
Көңүл толот балдай тилдүү сөзүнө.

## АТА БЕРМЕК

Ата журтта бажырая атса таң,
Сезилет сезимимде бары жаңы.
Ушу ак таңдан кимдер болсун,
Үмүттөнөт дилинде күтүп аны.

Кыдырата шуулдаган теректери,
Калтырган улуулардын белектери.
Камылгасын жаңылап көрүшүүдө,
Колдорунда максаттын желектери.

«Аракет кылсаң берекет» болот акыр,
Акылы улуулардын шыктандырса.
Ой максат келечекке чачып жарык,
Ата бермек журтума таң бажырая.

## БОЛУП ЫСЫК

Этият колун кармап мотурайган,
Наристе айланат чоң апасын.
Жан-дүйнөмдөн мээрим дайра,
Болуп акса – ырахатка батасың.

Эрмегимдин кадамын байкабагам,
Энекемди тегерене оюн салган.
Небереге ашыкча агылткандай,
Мээримин кызганамын өз баламан.

Эми мына эрип турам өзүмчө,
Эркелетчү асылдык бар сөзүмдө.
Баламдын баласы ысык болуп,
Жалынамын мээримимди төгүлтө.

## АДИЛЕТТИК АРЫМЫ

Адилет ишин карап кылган салмак,
Ачып чындык адилет терең талдай.
Адал, арам айырмасын чече билип,
Опурталдуу, арамдык жолго барбай.

Апасы бейкунөө баласына ичи күйө,
Адилетке сураныччтуу жашын төгөт.
Болгонун болгонундай айтып жатты,
Бул ишти жасаганын башка, бөлөк.

Калыстардан күнү-түнү чогулткан,
Кылмыш ээси башка экени билинди.
Адилеттик өз жолуна түштү акыр,
Жамандыктын тилеги бүт бүлүндү.

## КӨК КӨЙНӨКЧӨН ЭНЕМДЕЙ

Ачык күн жарык жүздү тартуулаган,
Айылыма сапар алып бара жатсам.

Алыстан көл көрүнөт толкундаган,
Амансыңбы? - дегендей колун сунган.

Көл керемет ачык күндө көк көйнөк,
Көзгө элестейт энем дайым кийинген.
Ошол көйнөк карегиме бек сиңген,
Түшчү эмес энекемдин ийнинен.

Көк көйнөктү желаргы делбиретип,
Этегин толкундарга окшоштурчу.
Көл керемет жолду ката ээрчитип,
Артта калбай мени узатып отурду.

## ӨТҮҮ КЕРЕК

Тарабым татынакай кызга толо,
Табигат кызыл-тазыл гүлгө толо.
Толтурат жан-дүйнөмдү сезимге,
Жашоого үндөгөн чакырык боло.

Тыным жок жашоо алга жылат,
Умтултуп адамды куштар кылат.
Дилгир адам аракеттен тажабай,
Кааласа ажайып бир дүйнө курат.

Арышын жашоо өмүрдүн эң этият,
Салмактап жүргүн, барын байкап.
Колдон келсе түз жашап өтүү керек,
Өкүнүп калба кийин башың чайкап.

## КАЛГАН МУРАС

Кийиз, шырдак үйүңдөгү орун алган,
Көргөзгөн табигатты көз албаган.
Канча шык күчү менен көрсө болот,
Ажайып коздуктар көз талбаган.

Кийиз шырдак жандыктардын элесин,
Дал өзүндөй сүрөт менен түшүргөн.
Кармап келет шыгын уздар жоготпой,
Өзүнчө бир кооз дүйнө - түшүнсөң..

Тоо мекендеп аска-зоодон орун алган,
Көрүнүш мүйүз керген аркар, кулжа.
Эзелки бабалардан калган мурас -
Көз тайгылткан ажайыпты жарата.

## ОН СЕГИЗ ЖАШ ЫРГАГЫ

Он сегиз жаш ыргагына оронгон,
Ойдо жаштык орной калган сезимге.
Ой толкуну менен ага жеткенсийм,
Оро-пара өтүп кеткен кезиме.

Ой кыялда он сегиз жаш окуясын,
Олтурамын аягы жок чубалтып.
Окшоштукту азыр дагы издесем,
Очорулган оордугу кубаттын.

Уга шашпай ыргагында жетем да,
Уяңдык күчкө кирген жаштыгыма.
Умтула сөз  айткандан жүз ашыра,
Тайсалдап урушалбас мококмун да.

Он сегиз жаш! Кетпей эч сезимимде,
Биротоло жок болбой жашап келет.
Жашоонун эстен кеткис бир үзүмү,
Эстегенде жүрөккө наз дем берет.

## ТҮГӨЙ МЕНЕН

Түшүмдө ээндикти жалгыз кезип,
Табигат кооздугу миң элес берип.

Тарабым канча өзүнө тартса дагы,
Өмүрүм түгөй менен бийик делип.

Теребел шуулдаган ээндиктен,
Тегеренем тааныш кыймыл издеп.
Түгөйүм өзүң менен дилден бирге,
Баса турган жашоо жолун түздөп.

Түшүмдө, өңүмдө да татаалдыкты,
Тартып алчуң баардык жактан.
Бакыт жолун экөөбүзгө көрсөткөн,
Турмуштун дабанын бирге ашсак.

## ФИРДАУС

Фирдаус - неберемдин аты ыйык,
Бийиктиктен жаңыргандай өзгөчө.
Береке ырыскымдан жанып турган,
Бешене нурчалгандай ичим ысып.

Талпына күч алганы салып добуш,
Туюмду жаратуучум дилде оргуш.
Телегей тегизделе мээрим төгөм,
Үйүмө шыңгыр күлкү куту толуп.

Туу тутаарды ээрчитип кешигинде,
Тегерете чайкамай кол бешигинде.
Таалайым - бала ырыскым чыныгы,
Мээрим күндөй төккөн бийикте.

## МУСАКУН АБА СИЗГЕ

Катарынан сиз жазган ыр, аңгеме,
Кызыктырды көңүлүмө ой берип.
Көөдөнүмдө бугуп жаткан ырларды,
Түрткү болду чыгарууга жол берип.

Аяндагы ак пейилдин башы болуп,
Алдыга үндөдүңүз колду сунуп.
Акыл, кеңеш, ыр жагдайын айттыңыз,
Китептин булагынан берип тунук.

Ак дил-ниет дайыма алдыга үндөп,
Арышыңыз кең болору айкын делет.
Алдыңызда дагы канча роман, китеп,
Жаралып, окурманга ойлор берет.

Акыл-ой, алдыңызда жолдор кенен,
Ажайып кооз дүйнө, сыр чечилмек.
Адашпас түркүн тагдыр буйтап өтчү,
Окурман жашоосуна түрткү бермек.

Жаратыныз көп чыгарма, бүр алсын,
Көп окурман  кызыгуусу күч алсын.
Уул-келин, кыз-күйөө, үй-бүлөнүн,
Бактысы үйүңүздө толуп-ташсын.

## БОЛГОНСУДУМ

Так төбөдө түндүктөй булут келип,
Дыбыратып жамгырын төгүп өттү.
Табигат жашылданып, жашарып,
Кеткен сымал, алгандай өзү көркт ү.

Тунарыктап азыр эле күн күркүрөп,
Чагылган көз уялтып бир заматка.
Табышмактуу кыялы аба ырайдын,
Бирде жай, бирде салат алааматка.

Шоктонгон жаштык кез элестелип,
Шакаба сөз, эң назик кыткыл үндө.
Жаандын тамчыларын колго тосуп,
Саамга болгонсудум өткөн күндө.

## ЖАГЫМ ЫРГАК

Термелте созолонгон жагым ыргак,
Тектирден гүл тердирип аралатмак.
Дүкүлдөйт бир өзүнчө жаш жүрөгүм,
Катарлаш бир адамдын жүзү арбап.

Туталана жалын алган ак сүйүүнүн,
Ыргактын шаңы менен күчөйт улам.
Тууруна коно албас бүркүт сымал,
Ээсин издейт жалындын айланадан.

Жагым ыргак агылып жан-дүйнөгө,
Жалын өчпөй күчтөнүп үмүт жанат.
Жайдары жүз бет алдыдан көрүнүп,
Аны көздөй умтулуп кагам канат.

Ойлогондой болду баары заматта,
Оро-пара башын салган кылымга.
Ошол ыргак күүсү толуп көңүлгө,
Оюндагы сүйүү сырын ачышка.

Жагым ыргак күүсүн угуп кушубак,
Жан дүйнөнү жашартуучу сыр улап.
Ата-эне, туулган жерин, табигат,
Көз алдыңда орун ала үн салмак.

## ЖЫРГАЛАҢДАН

Канча жыл өткөн арадан,
Сагынам сени Жыргалаң.
Көзүмдөн учат көркөмүң,
Согон, ышкын ыйгарган.

Көмүрдүн кышта керегин,
Корунтуп турчу этегин.
Камылга элге даярдап,
Берүүчү эле берерин.

Малы түркүн жайыттын,
Көк шибер чөбүн аймаган.
Каймак, май толуп чакага,
Ырыскы толо жайнаган.

Өттү өзүңдөн бала чак,
Кымбат жергем Жыргалаң.
Көңүлдөн кетпейт дагы эле,
Балалык кезим жыргаган.

## ЖООП ТАППАЙ

Сен тиккен алма бактын жаш көчөтү,
Мол мөмөсүн азыр төгөт алаканга.
Сен өзүң кармай калган элес келип,
Санаа ойдон алган далай жүзүм нурду.

Санаа менен ой менен колдон бүтүн,
Сагынычты бир өзүңө кыял жаза.
Сезим сырын кулпуланган чече албас,
Сөзүң коңур уга албай болгом капа.

Шок кыялдан учсам мөмө шагынан,
Шак колунда элес даана арбалган.
Айырмасыз мөмө накта оозуңдан,
Айтканыңа жооп таппай  чайналгам.

Кадамыңда турмуш жол мына азыр,
Каткырыкты чыгартчу элес орной.
Кыял менен окуя жаштык жылдан,
Мөмөлөр колго орногон алып кезек.

## ТҮН

Талыкшый түнү бою уйку көрбөс,
Табылаар жолун издей ойго бата.
Таарыныч карылыка бир мемиреп,
Көңүлдө жаткан сырын бекем ката.

Терезеден көрүнөт жылдыз толгон,
Чексиздикке созулган көпкөк асман.
Ой кыялын калчасам дейт өткөндөр,
Бүт алалбас унутчаактык күчкө келе.

Кыска-кыска ою менен байлана,
Кичине жарыкчылык айдың салган.
Капилет тышка чыксам ичтен түрткү,
Кезигээрмин кереметке уйку тапкан.

Баш көтөрө сыртка чыкса дааналана,
Түнкү ажайып көз кумарын кандырат.
Жаштык жалын түйшүктөн эч айбыкпай,
Келечекке үмүт шамын жандырат.

## ЖЫЛУУ СЕЗИМ

Көңүлүнө бир көлөкөсү санаанын,
Түшө калып тынчын алып жатты.
Ишинен колуктусу кечигип калып,
Кызганыч жан-дүйнөсүп эзип атты.

Шалпая, чарчап келсе көңүлү пас,
Баары бир киргил ойдон арылалбай.
Чамынып, муштум шилтеп аялына,
Өзүн-өзү токтотуп, кармана албай.

Колуктусу иштеген жерди байкаса,
Мектеп толгон окуучулар үн салган.
Мугалим эң жагымдуу кесип ээси,
Тарбия, таалим анан билим алган.

Мугалим иши татаал, жаны тынбас,
Муну ал түшүндү акыр акыл менен.
Ичтеги кызганычын таштап салып,
Аялына карайт жылуу сезим менен.

## ЧЕЧИЛГЕН МАСЕЛЕ

Мына обон, кошула үнүм созом,
Ырчыга мен окшошо албасам да.
Тойлордо, кечелерде сөз келгенде,
Уяңдык сезим менен кармашам да.

Маселесин мына ушунун чечүүчү,
Мезгилден кубат сурап үмүт кылам.
Ортодо жаш уул-кыздын төрүнөн,
Көңүлгө орной калган ойду туям.

Чечилгендей маселеси үнү шаңдуу,
Жаштык кездин кичине кайрыктары.
Тегеренип неберелер бийлеп кирсе,
Чегинен ашып-ташып ырым тартуу.

## КАЧАН КЕЛЕТ?

Кадам салса кең базарда эл батпаган,
Капилет кире-бериш жаш жеткинчек.
Кайыр сурай жалооруй көз кадаса,
Карап жүрөт чыдабас ойдо тергең.

Беш сомдук монетаны бере коюп,
Жашоодо ойго келгис ушул жорук.
Бирөө баары, баары бирөө үчүн,
Деген үндөө бар эле мурда толук.

Ал кезде заман башка, тартип бар,
Бир тилекте болучу эле жашообуз.
Анын бары кайда азыр, жоголду,
Доорго биз эмне жакшы кошобуз?

Караштырып кандай ыкта жашоону,
Кадыр-баркын элибиздин сактоону.

Кабар ала кайыр жолун көрсөтпөй,
Күндөр келсе жакшынакай жашоочу.

## ОРНОТО АЛБАЙ

Жаздын башы илгерки күч элестелет,
Атын минип, көздөгөн ишин беттеп,
Ишин бүтүп жайдары кечте кайтып,
Келүүчү атам дайым бизди көздөп.

Айылга бара калсам көрөрмүн деп,
Көңүлүмдү кубанычка бөлөрмүн деп.
Азын-оолак байыган жан дүйнөмөн,
Алып тема кайрыла жөнөөрмүн деп.

Салып арыш, жолго чыксам шашыла,
Өрөпкүтүп көөдөндөгү кубаныч.
Артка кайттым ишим бүтпөй өкүнүп,
Маанай пастап, орундалбай сураныч.

Ат минген аксакалдар көзгө урунбай,
Аталар бала учкаштырган көчөдө жок.
Ошол кез кеткен экен кайрылбай эч,
Болбоду, аттиң, азыр көңүлүм ток.

## МАРТ-МАРТТЫГЫНАН

Бак өсчүрү кылтыят алдыртадан,
Башынан адат боло көзүн албас.
Бакубат мен да ажарлуу өзгөчө,
Батырган ырахатка мына тунмак.

Жазында көңүлдү марттык ээлейт,
Жанга сүйкүм ат жаз айы делген.
Жылуулуктан эн алгачкы капарсыз,
Жашылданчу тегереке көрк берген.

Көңүлүм да жаңыргандай сыяктуу,
Жаркыраган күндү карап ызаттуу.
Жакшы ой-тилек дилден оргуган,
Жан эргитер ыргак келген сыяктуу.

Март! Күлкүм аягы жок чыгарчу,
Булак үнүн наздуу шылдыратчуу.
Мага даб сага да эч аянбас өзгөчө,
Күн асманда бажыраят кубаттуу.

## БУЛУТ БОЛО

Көңүлдү элжиретет уйкудагы неберем,
Кадалткан мемиреги алыска кыялданта.
Түшүмдө чач бубагым булут болуп,
Учкандай Ай, жылдызды аралата.

Сүйкүмдүү жылмаюсу уурт тартып,
Жарашыгы жүзүндө кандай назик.
Жүрөк чиркин бүлк кагат кубанычта,
Жагалданам энелик мээрим ташып.

Ойготтумбу? Көзүн ачса жалжылдата,
«Эне» назик ыраазыдай ак булутка.
Колго алып кучагыма бек кысамын,
Жытынан кумар канбайт ой-туюмда.

## ЭЧ АЛМАШКЫС

Бала үчүн эне деген эч алмашкыс,
Башка жан кучака алса болуп айкын.
Бардыгын тең төгүлсө да жан-дүйнөсү,
Бир керемет жетпегени болуп салкын.

Талпынса наристесин кучакка ала,
«Таалайым», деп жалына мээрим чача.

Кымбат көрүп баа жеткис бири-бирин,
Теңме-тең жыш ээси болгон эне бала.

Бала жыты эстен кетпес, дилде бирге,
Өмүрдү коштоп дайым бирге жүрө.
Этият эне болсоң, турмуш көздөй,
Сага карап ажарлуу бала күлө.

## СУУК СӨЗ

Бек болсок дейм адамзат,
Ынтымак-ырыс кармаган.
Кабак түйбөй дайыма,
Жылуу сөз менен арбаган.

Толо түшмөк бир заматта,
Жылуу сөзгө малынсам.
Боло түшмөк бир заматта,
Суук сөздөн байкуш жан.

## БҮЧҮР ЖАРГАН

Бүчүр алган бутактарды карап бассам,
Бакубаттуу жан сыяктуу сергек кадам.
Баары жакшы элеп-желеп өткөн кезим,
Орной кала карагандай берип салам.

Жашынмак ойнун курган секелек кез,
Курбум сымал даракка башын каткан.
Жаңыласын жүзүн ачкан элес даана,
Жаздагы көктөм баары бүчүр жарган.

## АЗЫР ДАГЫ

Качан угам? Балалыкта ойду курап,
Кусалантып жайлоодо жаштык курак.
Кандай тунук тегерете таш тизилген,
Кичинекей чийиминде аккан булак.

Жай айында агымынан алыс кетпей,
Жан биргем булак болуп шылдыраган.
Жарашыгы түркүн сырды чечкендей,
Жан-дүйнөм кубанычтан дуулдаган.

Шар акса ылдыйлата чоң Жыргалаң,
Шылдырайт андан төмөн тунук булак.
Шайдоот баскан ата-бала сыяктуу,
Кыялымда азыр дагы үнүн салмак.

## АСЫЛ ЖЕР

Жердин асыл топурагын аярлап,
Уучтап алып көңүлү толкунданып.
Көрктүү түрүн табигаттын арбытып,
Жашасам дейт жүрөктө оту жанып.

Асылдыгын, кереметин дааналантып,
Алдыга үндөп жаткан күчтөй шашып.
Алган үлүш актап алчуң чарчабастан,
Акыбет кең жеримдин пейли ташып.

Жерибиздин асылдыгын көрө билээр,
Адамзатка акыл-ой жөн берилбеген.
Ажайып сыр кучагында толгон-токой,
Ачык терең орду менен төгө билээр.

Адамзат акыл-ойдон арыбастан,
Алды-артынан кадамы жаңылбасын.
Ажайып нуру жаркый мээриминен,
Асыл жер касиети тарылбасын.

## СЕНДЕН

Табиятын, жеримдин көркөмдүгүн,
Таасын кыла көрсөтсөм өскөндүгүн.
Таалай бакыт эки жашка үнүн сала,
Улуулардын батасынан өңгөндүгүн.

Түнкү Айдын жаңырганын көрөмүн,
Жылдыздуу асманга көңүл бөлөмүн.
Тан атып, күндөн келип жылуулук,
Унуткарат бул жашоодон бөлөгүн.

Кары улуу акыл сөзүн бийиктикте,
Кадырлаган, кармап келген дайыма.
Жакшылыктын бүчүр жарчу данеги,
Сенден калмак келечектин жайына.

## АКЫЛ ОРДО

Ата-теги улуулар арымында уланып,
Акыл орду, сөз кени орноп келген.
Душман сүрү же кыямат өзгөрүшүн,
Эчендер тике карап жеңип келген.

Акыл ордо казынасын бекем сактап,
Кийинки жаш муунга толук берсек.
Ой ордонун башы тунук булактай,
Тамчысын кирдетпей таза өткөрсөк.

## ЖОГОТО

Мал оозуна илинер бир тал чөп жок,
Айлананы бозорто баскан туман.
Аска-Тоо алыстагы түк көрүнтпөс,
Ажайып тартуулочу сырга кумар.

Күн ысык, илебин кенен агылта,
Күч табат мөңгү суудан бууланта.
Күтүлбөстөн ак булут каалгыган,
Нөшөр төктү жерди ууга марыта.

Тоодогу мөңгү суудан аз-аздан,
Топ-топ булут белекчесин орното.
Көз уялткан чагылгандар чагылып,
Булуттарды улам тилет, жогото.

## ИЛГЕРКИ ЭЛЕС ЖОГОЛЧУДАЙ

Сүрдөнгөн оттуу караш орун алган,
Сөзүнөн билинет: кайтпайм артка!
Сакчысы коргоп турган эли-жерин,
Жалтанбай ар кандай абал-шартка.

Чаң-будуңун чыгара кылыч шилтей,
Чыгаандар эли үчүн жанын берген.
Чоң аталар - улуулар түк унутпас,
Келечек деп канча кан кечип келген.

Теңдик жолун ойлогон бул адамзат,
Тереңден канчалаган акыл калчап.
Тура калды эмгек деп биримдикте,
Колунда шайманы бар - орок-балка.

Кошуна өлкө бай-кедейлер жарыша,
Жашашат үмүт менен кайра баштап.
Сүрдүү караш акыры алмашчудай,
Сук арттырган байлык, чоң мансап.

## УЛАН БАЛА УЮМУНАН

«Улан» шамал жүрчү эле жаш кезекте,
Көл толкунун түрүлтүп, жаалданып.
Бирин-бири кубалап ак жал толкун,
Жээкке уруна алсырап, алдан тайып.

Намыс күчү булчуң чыңай жатканда,
Муштум гүйө, көзгө сүрдүү көрүнүп.
Мына таамай бир заматта тура калып,
Машыккан чоң боксердук ыкка салып.

Улан кыйын, бала кыйын байкаганга,
Уюмунан жүздөр шаңдуу жаралгандай.
Узакка эки кыймыл көл жээктеген,
Урматына күйөрмандын күч алгандай.

## КҮРДӨӨЛДҮҮ КҮЧ

Касиетин көрүп билген адамзатта,
Кадамдарга күч улаган элес жана.
Казына нак тыным албай ага берсең,
Кубатына кубат кошкон кең дарыя.

Күркүрөгөн дарыяны карап бассаң,
Көрүнүш илгерки ата-бабалардан.
Күрдөөлдүү эмгек күчү үн салгандай,
Күнү-түнү тынымсыз кыймыл алган.

Каруу бек токтобос күч катарында,
Күрдөөлдү эмгек жолдун сапарында.
Каткырык үндөр чыккан кубанычтан,
Колдо тетик - бүтүрүү» шарданында.

Күйүгө, алка-шалка тер кетире,
Керилген кең талаага дан себиле.
Капилет тосмо болгон согуш орто,
Жүздөргө ак эмгектен кан тебиле.

Капилеттен азыр дагы түрдүү жүздө,
Сапарына бут салчудай, бирок эсте.
Күч дарыя акыл ойду ыйык дилде,
Кармап келсек дайыма бийиктикте.

## ЭРИШ-АРКАК

**(Эжелерим Турсун, Жаңыл, Бурулга)**

Айыл алыс Турсун эже, көрүшпөсөк,
Куса болуп, сагынып биз калабыз.
Арнап келген баарыбызга белегиңиз,
Дем бергендей, чоң кубатты алабыз.

Караколдо көп кафелер орун алган,
Тартуулачу токпейил, ачык маанай.


Узарта арымдарды кайрылбасам,
Окшобой алган буюм көңүл пастай.

Татына кыз-келиндин шарданында,
Таяныч эмгек үзүр катканында.
Табышкер эжелерден улап келген,
Талыбаган ага-ининин кадамында.

Ар түркүн тамактардан тата келип,
Табитин нак өзүндөй ача келип.
Тарабаган ыраазылык ак сөздөн,
Табылды орун күндө келип дешип.

Элпек жеңил канча жанды тоюнтуп,
Эмгек жолдо көңүл куунак болуучум.
Эптей сөзүм көрүп туруп баардыгын,
Эрищ-аркак ыргак курсам толтуруп.

# АҢГЕМЕЛЕР



# АТА ЫРААЗЫ

Шырт-шурт эткен дабыштан шак ойгонгон Урмат жууркан жакасын ача аландап, күңүрт тартып турган сырт жакка көз чаптырды. Мектепке даярданып, кийинип жаткан агасын көрдү. Демейде тарса-турс дабыш чыкса да ойгонбой, мемиреп жата берүүчү Урматтын негедир бүгүн тынчы жок. Унчукпай, терезеден таң шооласын күтүп, жата бергиси келди. Бирок кечээки достору менен чогуу ойноп жүрүп, капыстан ойдо жок жерден ээси болгон байлоодогу күлүктөр эсине түшкөндө, чыдаган жок. Тура калып, шаша-буша кийинип, эшикке жөнөдү. Энеси Салима:

- Кагылайын каралдым ий, эмне мынча эрте туруп алдың, уйкуңду кандырбайт белең? – деп чекесинен жыттады.

- Уйкум канды, эне, - деп бала кыт-кыт күлө, короодогу малына жем-чөп чачып алектенип жүргөн Абдыш атасына жетип барып:

- Саломалейкум, ата! – деп үн чыгарды.

Саламга алик алган ата менен бала кенже уулу Болоттун келинчеги Нуруйланын чакырыгынан чайга кириште. Урматтын ата-энесинин кесиптери иштерине туура келип, Нуруйла менен Болот үйлөнгөндөн кийин бөлүнүп, Караколдон үй алышкан. Эки уулу – Урмат менен Аскатты «небере жүзү өзгөчө ысык болот эмеспи, торолгуча биздин колдогу эрмегибиз болсун» дешип, Абдыш менен Салима багып жүрүштү. Ортодо жалжылдай карап, тамагын ичип жаткан небересине ата-эне мээрим менен карап турушту. Тамак ичип бүтүшкөндө бата кылышты.

Урмат көчөгө чыгып, туш тарапка көз чаптырды. Бирок, анын достору али уйкудан козголуша электей. Эртерээк барса «сындуу күлүктү» чечип алчудай үмүт менен жөнөдү. Айыл ортосунда, чоң жолду жээктей өскөн теректердин арасынан ашыкча талдарды айыл тургундары кечээ күнү бутай башташкан. Араалап кыйган ичке талдарды «күлүктөрдү чарчатпай мингиле» деп тамашалап таштап

кетишкен. Кубанычтуу үн салыша: «Эртең бирден минип алып, тоону көздөй зымырайбыз ээ», - дешип кеч киргенинен тарап кетишкен.

Мына таң да атты. Урмат кечээки талдарга жетип барды. Бутактардын арасынан өзүнө ылайык көрүнгөн узун, түз бутакты тартты. Оңой менен сынчудай, «чечилчүдөй» эмес. Улам бир бутагын күчүркөнө тартат. Бирок, сындыра албайт. Туталана эки жакты карап туруп, атасынын кол араасын эстей калды. «Кол араа керек!». Атасы кол араасын иштеткенде кызыга карап туруп: «Мен араалайм, мен» деп талашканда бере койсо, туткасына колу эп келбей талып, кайра сунган. А бүгүн баарын бүтүрчүдөй. Ушул ой менен кубанычтуу түрдө үйүн көздөй жүгүрдү. Жетип барып, бастырманын алдындагы шаймандардын арасынан кол арааны алып, кайра артка чуркады. Келатып кол араасына кудуңдап карап коёт.

Жетип келди да, талдын ичке бутактарына көз жибере, мурда кыйылган талдын бутагын жылкы башына окшоштура таарый баштады. Атасынын: «таптай алсаң күлүктү, жолдо калбас үмүттүү» деген ырын кыңылдай, үнүн салды. Кечээки кол талыткан араа азыр жеп-жеңил тартылгандай. Бөлүндү, жүзүн нурданткан сүйүнүч ээлей, «күлүк» мингендей, кыйылган бактарды айлана чуркап, «камчы, камчы керек да» деп өзүнчө кыйкырып алды. Баратып четтеги араасын көрө калды. «Ой, муну жеткирбесем жоголот да» деген ойдо күлүгүн тал түбүнө сойлотуп жиберди да, араасын алып жүгүрдү. Короодо түйшүк менен алектенип жатышкан ата-энеси небересинин келип-кетип атканын байкашкан жок. Чыгып баратканда көрө калган Салия энеси:

- Досторуң менен урушпай, жолдон абайлап жүр, кагылайын. Түшкү тамагыңдан кечикпе, - деп үн салды. Учуп-күйө күлүгүнө жеткен Урмат четтен чыбык камчы таба, көчө жара үн салып чуркайын дейт, бирок досторун күтө алар менен кызыктуу жүрүш алчудай. Байлоону айлана: «эмне ойгонбой атышат?» деген ойдо көз ойноктото көчө карап тура калып, жолдогу өтүп бараткан айыл карысы

Капар атаны көрө калды. Ал киши катуу ойлонгондой каалгыйт, алды жактан көзүн албайт. Мына, узады. «Салам айтпай?» - деп өз ичинен өкүнүп калды. Анан «улууга урмат кылуу керек» деген атасынын сөзүн эстей, тигил кишинин артынан жөнөдү. Жанына жетип:

- Саломалейкум, Капар ата! – деди. Маңдайынан салаалана тер кеткени кашаң атты минипмин дегендей.

- Алекум салам! Баланын саламына ыраазы болгон Капар карап турду. Баланын топ бутактуу талды минип алганына кыжаалат болгонсуду. Ниетинде түз, шыпылдаган жеңил талды тандап бергиси келди. Минип турган талдын ортолото орногон жүгөн салчу тушунан жоон бутагын көрө калды. Ошону алып салса жеңил жүрүш алчудай деген ойдо:

- Уулум, түшө калчы, күлүгүң бооз турбайбы, тууган атат, - деди. Урмат суроолуу карап, жакшы кабар уккандай «күлүгүн» карматты. Капар ортолой өскөн бутагын сыйрып алды да:

- Мына, тууду. Ичи тартылган күлүк күчүндө, эми мингин, кагылайын, - деп эркелете карап, саамайынан сылады. Бала «күлүгүн» минип айланса, чын эле жеп-жеңил жүрүш. Жетине албай:

- Ырахмат Капар, ата! – деп үн чыгарды.

- Кулунун дагы бир досуңа тартуулайсың, - деп Капар Урматка талдан бөлүнгөн чырпыкты сунду. Жөнөөрүндө кыйылган терек «байлоо» тараптан жаңы чогулган өспүрүмдөрдүн:

- Азоо экен, сен чеч, - деп күчтөнө талды тартышканы угулду.

Урмат:

- Ии, тигилер да күлүктөрүн бошото албай атышат, - деди. Капар туталана добуш салган өспүрүмдөрдү карап туруп, аталык пейил, аталык ниет ашып-ташый:

- Азыр баарыңарга бирден күлүк берем! – деди. Ал өзү да балалык дүйнөгө аралаша түшкөндөй өрөпкүп алды. Саяпкер сымал, кичине чонуңа карай «байлоосунан» бошото:

- Сен муну мин, а сен муну мин, - деп ар бирине бирден

талды колуна карматып жатты. Балдар колуна тийген «күлүктөрүнө» минип, айлананы чаңдатып, бирин-бири кубалай жөнөй беришти. Аларды карап турган Капар балалык дүйнөсүнөн дале чыга албагандай, жүзү албыра, жашарган сымал жеңил кадамдап, бараткан жагына бет алды.

# ЭНЕЛИК СЕЗИМ

Асманда жайнаган жылдыздар үрккөн козулардай четинен тарай баштады. Мына, аска учун көз тайгылткан ажайып нурларга малынтып, күндүн көзү кылтыйды. Анара ойгонуп, терезеден таңкы ажайыпка көзү тойбой, бир топко карап мемиреп жата берчүдөй. Анарага эң жагымдуу «мен турам, мен турам» дегендей курсак ичинен оюн салгандай наристенин жан дүйнөсүн кытыгылай жүзүндө жылмаюу пайда болду. Акырын туруп кийинип, тышка чыкты. Таңкы желге жүзүн тосо кенен-кенен дем алганда талыкшыган денеси жеңилдей түштү. Аскатта болсо көндүм адат – короз чакырганда эле турат. Мына, бүгүн-эртең тууй турган уйуна чөп салып жүрөт. Аман-эсен көз жарсаң, сага, ымыркайга сүт керек деп, көчүп келери менен сатып алган.

Анара:

- Аскат, канча суранам өзүң менен тең ойгот деп. Күндөн-күнгө уйкум узарып бараткандай? – деди. Аскат чочугандай:

- Ой, тура калдыңбы? Сен үчүн эрте да, жалгыз эмессиң, жаным. Эки кишинин уйкусун аткарышың керек. Анара, кандай эс алдың, кыйналган жоксуңбу? - деди.

- Жок Аскат, баары жакшы, - деди келин наздуу жылмая. Ашканасына кирип, эртең мененки тамак камын кыла баштады. Ары-бери даярдай коюп:

- Аскат, кел тамагыңды ич, ишиңден кечигесиң, - деди.

- Мен даярмын, - деди кирип келген Аскат «честь» берген жоокердей какайып, келинчегине кубанычтуу карады. Аскат үчүн келинчегинин келбети өзгөчө бир сүйкүм көрүндү.

Ичинен: «жетем дегем, жеттим» деген ойго көңүлү толкуй түштү. Тамагын ичишкен бактылуу түгөйлөр үйдүн куту болор ымыркайын күтүшөт.

Анара чайын ичип отуруп:

- Аскат, эртең айылга барып, Салия энем менен учурашып, анча-мынчасына жардам берип келбейлиби, - деди.

- Баралы, жаным. Сенин да ай-күнүң жакындап калбадыбы. Сен бүгүн бара берсең, мен кечинде, жумуштан кийин жөнөйм, - деди Анарасын аяр кучактап, жүзүнөн сүйдү. Жалжылдаган көзүнө көзүн кадап, андан ажырай албай турду. Бирок, жаз алды, бош убакыты аз, кесиби агроном. Анаранын төркүнү кошуна айыл. Кайын-журту Ак-Суу айылында, эки кыз, төрт уулдун ата-энеси болушкан Адыл, Зина. Кыздары Асел, Алинасы турмушка чыгышса, эки уулу Азамат менен Урмат кесибине жараша иши туура келип, Бишкектен орун алышкан. Катар кеткен эркектен Аскат үчүнчүсү, ата-энеси менен чогуу турган кенжеси Замирбек жакында үйлөнгөн. Ал үйлөнөрдө жер тилкесин алып, времянка салып алган, Аскат менен Анара эми өзүнчө түтүн булатышат.

Үйүн жыйнап, иретке келтирген Анара вазадагы түрдүү гүлдөрүнө суу куюп, бала чагы өткөн үйүнөн Салия энесинин алып келген тамчы сымал гүлүн Аскат экөө бөлүнүп, келишкенде себине кошуп ала келип:

- Сенин жакшы көргөн гүлүң, жакшылык алып келсин, - деп белек кылган. Мына ушул гүл эселек кезинен бойго жеткенге чейин Салия энесинин терезесин ээлесе, эми анын үйүндө. Бирок анын орду бош эмес, аякта деле гүлдүн түбү калды.

Энесинин жанында тепилдеп оюн салган Нурлан балбылдай караган көзү менен сүйүнүп: «Эне, эне, эже келди» деп эркелеп, алдынан утурлай тепеңдеген элеси көз алдына тартылды. Жакында барып-келсе да көкүрөккө толгон энелик кусалык, сагынычы атып чыкчудай. Бир азга ойго тунуп, өтүп кеткен ызалык эсине түшүп, жан дүйнөсүн

тызылдатты. Бирок, эне мээримин агылткан, Аскат экөөнүн ортодогу таза сүйүүсүнөн күч алган бир ыйык нерсе ошол тагдыр көлөкөсүн алыстатты. Ойго жетелене түшкөн келин өзүнө келгендей «Ой, айылга барайын дебедим беле», деген ойдо шашып-бушуп кийине баштады. Мына, даяр.

Көчөгө чыгып дүкөндөн алчусун алып, Караколду беттеген маршруткага түшүп, айыл тушунан калып калды. Эселек кезден бойго жеткен кыз курактын жолу. Келип-кеткенине жарым ай боло элек болсо да, чоң өзгөрүүнүн бир белгисин көрсөтүп тургандай. Бардык болуп өткөндөрү көз алдында. Убакыт деген учкул куш эмеспи. Эми Анара солкулдап, тал чыбыктай ийилген кыз болуп чыга келди. Орто мектепти бүтөрүнө бир жыл калды. Жаз майрамына карата айыл мектептеринде райондо өтө турган шыктуу окуучулардын конкурсуна даярдык көрүү жүрүп жатты. Анын көркөм жетекчиси Динара ар кайсы класстардан ырга, бийге шыктууларды тандап:

- Көркөмдүү, жакшы даярдык менен барып, жеңиштүү орунду ээлеп кайтсак, мектебибиздин аты чыгат. Буга бардык күчүбүздү жумшашыбыз керек, - деп жаны тынбайт. Он биринчи класстан ырга шыктууларын созолонгон үнү менен, а онунчу класстан Асел, Анара, Айнура, Нуриза чимириле, кыргыз бийин бийлешип, үчүнчү класстан тепейип отуруп Самат чоң атасы үйрөткөн «Манастын» кыраатын келтире айтчудай. Канча күндөн бери камынып, кылган аракеттери текке кетпей, кандай көрүнүштө кийинип чыга турган кийимдери да даяр. Динара ыраазы болуп:

- Азаматсыңар! Мына, буюрса даярбыз, күндүн кандай өткөнү билинбей, болгону бир күн калды. Эртең бизди райондон!.. – деп жетине албай кудуңдады.

Райондун маданият үйүндө күткөн конкурс да башталды. Четинен ар кайсы мектептердеги ырга-бийге шыктуулары өз өнөрлөрүн көрсөтүп жатышты. Анара окуган мектептен окуган тепейип отуруп «Манасты» берилүү менен айткан Саматты көрүп-угуп отурушуп, көрүүчүлөр жана калыстар тобу өзгөчө баалап, ыраазы болушту. Кыргыз оймосу менен

коаздолгон көйнөк-топусун кийген, желге ыргалган жоогазын гүлдүн көрүнүшүн чагылдырган бий менен Анара, Нуриза, Асел, Айнуралар да чыгышты. Ак-Сууда туулуп өсүп, быйыл онду бүтө турган Аскат классташтары менен залда отуруп, ийиле бийлеген Анаранын апакай жүзүнөн, жалжылдаган кара көздөрүнөн ажырай албай карап отурду. Жан дүйнөсүндө бир оттуу сезим жангандай, конкурс аяктаганча көз алдынан кетпеди.

Конкурстун соңунда жеңүүчүлөр калыстар тобунан сыйлыктар алып жатышты. Аскат Талант менен Нурбек досторуна кандайдыр бир күч шерденте:

- Жүргүлө, жанагы бийчи кыздар менен таанышып, куттуктайбыз, - деп шаштыра, узап бараткан кыздарга имерилишти. Таанышып, конкурстагы жеңиштери менен куттукташып, сөзгө алышты. Аскаттагы жылуу сезим Анараны да өзүнө имерип бараткансыды. Эки дилди бириктирер бир керемет пайда болгондой, бири-бирине тартылып атканын сезип атышты. Коңшу айылда жашаган Аскат бир жума өтпөй, велосипедин шуулдата тээп, мектептен чогуу чыгып келатышкан Анара менен Нуризага кезикти. Аскаттын келбеттүү, сын-сыпаттуу көрүнүшү өткөндө эле Нуризанын көңүлүн удургуткан. Ошондон бери анын элеси көз алдынан кетпей жүргөн. Эми анын Анара үчүн келгенин билип, ич ачыштырган туталануу башталды. Сүйүү сезими жүрөгүн чулгап алгандай.

Он бирди бүткөн Аскат бир жылдык аскердик милдетин өтөөгө кетеринде кезигишти. Толкунданган Аскат:

- Күткүн, жаным! Мага сен гана керексиң. Эч кимге алмаштыргыс асылымсың.

Күн сыяктуу чырайлуум,
Күлкүң аккан булактай.
Күүгө салаар үн болоор,
Күлүп турсаң муңайбай, - жагымдуу, коңур үнүн созолонто, жалжылдай караган көзүнө көздөрүн кадады.

- Күтөм Аскат, мага да сен!.. - деп кучагынан демиге унчукту. Коштошуу эки жаш үчүн абдан кыйын болду.

Ортодогу аралыкты тез-тез жазылган, жылуу сезим менен кымбат сөздөргө толгон сүйүү каттар байланыштырып турду.

Анара он бирди бүткөндө энеси:

- Педагогикалык окуу жайга тапшырып, мугалимдик кесипке ээ болбойсуңбу? - деди.

- Жок, кооперативдик окуу жайына кирейин, азыр бардыгы соода менен болуп жатпайбы, бир жылда эле бүтөм. Анан иш таап алсам, оокат да оңолот эле.

- Мейли кызым, - дейт атасы көздөнгөн татына кызынын тилек-оюна ыраазы болгон энеси.

Нуриза курбусу педагогикалык окуу жайына тапшырган, ага жума сайын кезигип турат. Аскаттын кабарын билип, курбусу катары кат жиберген. Бирөө үчүн тутанган сүйүү сезими дилин койгон адам үчүн башка бирөөгө от ала албасын эсине албай, Анараны ала качып кетсе, мага жол ачылат беле? Ошондо Аскаттын жүрөгүндө мен үчүн сезим учкуну жылт этээр беле? Ушул ойлорго үмүт байлайт. Шылтоого шыноо табылат дегендей, Нуриза таяжесинин баласы үйлөнүп, Кереге-Таштык аталаш тууганы Адилетке кезигип, жакын арада анын туулган күнү болорун билди. Ошондо жакын курбусу менен куттуктап барарын айтып, бөлөкчө сөзгө алган. Адилет:

- Келгиле, сөзсүз келгиле, - деди жетине албай.

Эртеси сабак аяктагандан соң Нуриза Анарага жетип келди. Ал жатаканасында экен.

- Анара, бүгүн Кереге-Таштагы агамдын баласы Адилеттин туулган күнү экен. Барам деп коюп, жалгыз сереңдеп баргандан уялып турам. Чогуу барып келбейлиби, - деди. Курбусунун бул сунушуна жок дей албай, белек алып жөнөп кетишти. Айылдык дос, теңтуштарын, аяштарын жана кыздарды тосуп алышты.

- Туулган күнүңүз кут болсун, дайыма ден соолукта болуп, өмүрүңүз узун болсун, - деп эки курбу уялыңкы түрдө белегин сунушту. Анараны бир карап алган Адилет кыздын татынакай жүзүнө заматта арбала түшкөнсүдү. Көздөрүн

андан тартып кете албай турду. Сүйлөшүп жүргөн атасынын досунун кызы Жамалды унута, Нуризага:

- Курбуңдун сүйлөшкөн жигити жокпу, мага ыйгарып, жеңе кылып албайсыңбы, - деп тамашага аралаштыра сөзгө алды.

- Ал жагынан кабар албапмын, болсо мага айтат эле да. Бирок айылда көз арткандар көп. Ала качып да кетиши мүмкүн, - деди кыз кыт-кыт күлө. Үйлөнсөм деген ниетте жүргөн Адилеттин күтүлбөгөн жерден чырагына май тамгандай болду. Анара эч нерседен капарсыз.

- Туулган күн көңүлдүү өттү ээ, - деди кетип баратып.

- Ооба, жакшы болду. Ата-энеси да пейилдери кенен, агыл-төгүл адамдар, - деп көтөрө чалып сүйлөдү Нуриза. Ошондон бир жума өтө элегинде даярданган Адилет достору менен Караколго жетип келип, Нуриза менен кеңешип, Анараны «кантип, кандай» ала качуунун жолун табышты.

- Анара өткөндө сиздин туулган күнүңүздө болбоду беле, бул жолу айылына сөзсүз барат. Удулун таап, жолдон чыгып, жеткирип коёлу десеңиз жок дебес. Болбой туруп алса, силер жигитсиңер да, колдон тартып машинага сала албайсыңарбы, - деди алардын намысына тийип. – Бул ишке менин тиешем жоктой болсун. Кеңешимди гана айттым.

Айылга кетчү аялдамада маршрутка күтүп турган Анаранын жанына машина келип токтоду. Андан түшкөн Адилет ага карады:

- Кандайсың Анара, айылга баратасыңбы, машинада бир орун бар. Ала кетели, - деди шайдоот үнү менен. Эч нерседен капарсыз кыз машинага отурду. Зуулдап бараткан машина бир маалда такыр башка тарапка бурулду. Тигилердин ниетин эми түшүнгөн кыз буркурап ыйлап жиберди:

- Токтоткула машинаны, силер мени кайда алып баратасыңар?

- Буудайдын барар жери тегирмен, а кыздын барар жери эмне деп койчу эле, - деди отурган балдардын бири арсаңдай күлүп.

- Жок, менин сүйлөшкөн жигитим бар. Менин сүйүүм ага гана арналган. Аны күтөм деп сөз бергем. Бир гана ал керек. Аны эч кимге алмаштырбайм. Токтот машинаны!

Машинанын ичинде күүлдөгөн немелер анын сөзүн угаар эмес. Заматта айылга жетип келишти. Көшөгөнүн ичине отургузууга аракеттенип жатышты. Башына салган жоолукту улам алып ыргытат. Канчалык көгөрүп, качууга аракет кылды. Бирок болбоду. Намыстанган Адилет экинчи күнү күчкө салып, Анараны төшөккө жаткырды...

Нуриза Адилеттин торуна Анараны өз колу менен салып коюп, Аскатка кат жазды. «Аскат, кандай ден соолуктарың? Мөөнөтүңдү аяктап, айылга келет турбайсыңбы. Анара тун сүйүүсүнүн ээси Адилет экөө үйлөнүштү, тоюнда болдум. Башында эле анын ою башкада экенин байкачу белең? Мага айтып жүрчү, бирок сенин көңүлүңдү оорутпайын деп унчукпай жүргөм. Сен үчүн таза сүйүү менде болчу, байкачу белең? Мен сени күтөм. Нуриза». Бирок, бул катка жооп келген жок. Буга Нуриза ичтен сызып, туталанат. Аскердик милдетин өтөп келген Аскат Бишкектеги айыл чарба техникумуна тапшырды.

Адилеттин торуна түшкөн Анара окуусун уланта алган жок. Жыл айлана экөө уулдуу болушту. Нуриза куттуктап бара калып:

- Аскатың айыл чарба техникумуна өткөн турбайбы, ал жагынан кабарың барбы, - дегенде:

- Ал өткөндү эске салбасаң, баары бүткөн да, - деди Анара мостоюп.

Ички бөлмөдөн чыга калган Адилет бөлөкчө, кооптонгон көз караш менен карады. Айылдагы Анаранын ата-энеси жетине албай, жээнтек тоюн күтүшөт. Айыл ветврачы болуп иштеген Адилет эки күндүн биринде үйгө кызуу келет. Корс мүнөз тартып баратканы байкалат. Жаңы төрөлгөн наристесин колуна алып: «Уулум, Нурланым!» деп эркелетейин деген ниети жок. Чоочун наристени көргөн сымал, тоң. Анара таңданып карап, унчукпайт. Аскаттын ичкени менен оройлугу күчөп, окуя болор күнү өзгөчө кызуу

келди.

- Аскатың деди го, ал ким? – деди отуруп жаткан Адилет Анарага акырая карап. – Босогону аттаганда тилиңди безеп, салган жаңырыгыңдын ээси ошол экен да.

Бүт сезими, жан дүйнөсү ызага ууккан Анара наристесин арыдан-бери ороп, өзүнчө бушайман болду. Адилет:

- Эй сойку, сен арамсың, балаң да арам! Сенин ордуңда Жамал болгондо мен өз канымдан жаралган баламды кучактап отурмакмын. Машинанын түрүн минмекмин.

Анара чыдаган жок:

- Адилет, мен сенин алдыңда тазамын. Мени күнөөлөгөнгө, антип айтканга акың жок. Баарын бузган сенсиң, байкап сүйлө, акмак - деди буулуккан үнү менен. Наристесин кучактап, сыртты көздөй жөнөдү. Күүгүм кирип калган. Өйдө-төмөн өткөн машиналарга кол көтөрүп турду. Токтой калган машинага отуруп, Караколду көздөй жөнөп кетти. Ызалыкка муунуп, дале тынчтана албай атты. Кучагындагы наристе наристе эмес эле, Адилеттин өзү сыяктуу сезилип, аны зымырап бараткан машинанын терезесинен ыргытып жибергиси да келип кетти. Бирок, буга батынбады. Шаарга келгенде бир көчөдөн түшүп калды. Шаардын кай тарабына келип калганын деле аңдабады. Терезелерден жарык түшүп турат. Ал баласын таштап кетүүчү ыңгайлуу жер тапты. Колундагы баланы ошо жерге койду да, «бирөө көрүп калбады бекен» деген ойдо туш-тарабына көз салды. Жок, жакын арада жан жок көрүнбөдү. Артын көздөй чуркады. Аялдаманы пааналай токтоп, отургучка көчүк басты. Жүрөгү дүкүлдөп жатты. Акырындап өзүнө келе баштады. Асмандагы жаңырган Ай, жылт-жулт эткен жылдыздар эч таасир этпегендей.

Таң жээк салып, көчөдө бирин-серин караандар көрүнө баштады. Аларды көрүп, канча алаксыйын дейт, бирок Адилеттин ич ачыштырган заардуу сөздөрү дале кулагында жаңырат. Мына, көздөгөн маршрутка келди. Эптеп четке жетип алсам, анан жөө деле кетем деген ойдо. Кийинки аялдамадан тили жаңы чыгып келаткан небересин жетелеген

орто жаштагы аял түштү. Ал небересин өзгөчө мээрим менен карап, ебедейи эзилип жалбарып, өөп-жыттап жатты. Анара андан көз тартып кете албай, карайт. Ушул бейтааныш аял өз энесине окшоп кетти. Ал Анара бир аз сыркоолой калса өзгөчө бушайман болуп, дароо дарыгерлерге алып жөнөчү. «А менчи, өз канымдан бүткөн баламды таштап салдым. Минтүүгө акым жок». Тигил дале небересине үйрүлүп түшөт. Ушул көрүнүш Анаранын жүрөгүн силкип алгансыды. Заматта көз алдына жолбун ит талап жаткан наристе тартылды. Ордунан ыргып турду:

Токтотуп коюңузчу, - деди аптыккан келин. Түшүп кеткенче деми ичине батпай, айлананы бир карап алды да, келген багытына карай чуркап жөнөдү. Бир топ алыстап кеткен экен. Ортодон эки аялдама өтүп, анан бурчтан жогору бурулду. Ары-бери өткөндөр ага кыя карашып, буга эмне болгон деген ниетте кылчайышат. Аларга көңүл бурбай, күчүнүн жетишинче чуркайт. Мына, буюрса жеттим, деди өзүнө өзү дем берип. Бурулуштагы тар көчөгө кирди. Дарбаза четиндеги жапыз дубал үстүндө жаткан оролгон баланы көрдү. Кыңылдап ыйлап жатканы кулагына жаңырды. Жетип барып, көтөрүп ала койду, кучагына бекем кысып, шолоктоп ыйлап жиберди. Көкүрөгү диркиреп ийип кетти. Энелик сезимдин ушунчалык ыйык экенин адеп түшүндү. Ушул учурда тоо башынан ак шоола чачкан Күндүн нурлары жайыла берди. Ошол нурдун алакандай жарыгы наристенин бетине төгүлдү. Анара ак шооланы беттеп, айылы тарапка ишенимдүү кадам таштады.

# АЖАЙЫП ТАН

Күн же түн экени билинбеген коюу күңүрттүк баскан ээндикте ызгаардуу бороон уюлгуйт. Буга кошумча болуп, баланын жүрөк үшүн алып келген мерез, нурсуз адамдын сүрдүү элеси сурдана сөөмөй кезеп: «Эй шүмшүк!» - деген өзгөчө басым менен чыккан үнү кулагына угула калгандай болот. Селтең эте туш-тарапка көз

салат. Жок, эч ким жок, ушундан соң түйүлө калган муштумдай жүрөгү кайра жазылат. Антсе да коркунучка аралашкан ызгаар дене-боюн калтыратып, колу-бутун сенейтип барат. Улам-улам коюлана карарган күңүрттүк сүрүнөн апкаарыйт. Кичинекей балалык сезиминдеги коркунучту көз ирмем артка жылдыра калган жылт-жулт жанган нурлар көрүнө калат. Ушундан улам дене бою жибип, бир үмүт табылгансыйт. Жалооруган көздөрү ошо үмүткө тигилет.

Бир маалда күтпөгөн жерден кара булут арасынан жарк этип күн чыккандай болуп, күңүрттүк баскан ээндикти жаркытып жиберди. Ошол жарыктын ичинен Сапар атасынын мээрим агылган жүзү көрүндү. «Кел, уулум, келе кой. Сагындым сени, келчи уулум». Кош колун сунуп, бери басканда ойгонуп кетти. Жүзүнө күндүн нуру тийип турган экен. Ушу жылуу нурга ата-эненин мээрими да аралашып кеткендей. Жагымдуу сезим көөдөнүнө толуп, аларга болгон сагынычы толкуп кетти. «Барып келишим керек», деди ниетинде. Кулагына атасынын: «Оку балам, окуп кесип алсаң, эл керегине жарай турган адам болосуң», деген үнү жаңырыктады. Анын жанынан алыс кеткиси келбей, Караколдон эле окугусу келген. Бирок ал көздөгөн кесипти окута турган окуу жайы жок болчу.

Жакында эле стипендиясын алган, анысын корото элек эле. Буюрса жетет деп өзүнчө жылмайып алды. Ойгоно калган Нурлан үн салды:

- Эй, эмне эртелеп туруп алдың, түшкө чейин уктайлы дебедик беле?

- Нурлан, мен айылга барып-келейин деп жатам.

- Шашылыш иш чыктыбы?

-Жок, барып ата-энемдин ахыбалын билип, учурашып келейин деп жатам. Карып деле калышпадыбы. Түндө түшүмө кириштi.

- Ой, түшкө кире берет. Өзүң сагынып атасың да, эркеси.

Максат жылмая:

- Ооба, сагындым. Кой анда, жөнөйүн.

Өзүң бил дегендей Нурлан узата, төшөгүнөн карап кала берди. Маршруткага отуруп, автовокзалга жеткенде ырас Караколду беттеген Бусик жөнөгөнү жатыптыр. Орто жаштагы уйгурга окшогон бир киши экөө жанаша орун алышты. Машина Бишкекти артка таштап, ачык талааны беттеди. Жол кыскартыш аракетин кылдыбы, тиги киши таза кыргызча эле:

- Уулум, атың ким, - деди.

- Максат.

- Жакшы, Караколдон болосуңбу?

- Ооба, Караколдон. – Билем дегендей башын ийкей.

- Өзүңүзчү?

- Менин атым Абдыжапар, Бишкекте турам, Караколдо бир иштер чыга калып бара жатам.

Максат, ырас узун сөздөр чыгып, жол кыскарат экен го деп ойлогон, бирок тиги киши каалгый, ойго тунгандай мемиреп отуруп, уйкуга кетти. Максат жол жүргөндө тоо-талаадан көзүн албай, табигаттын көркөм ажайыбы ырахат тартуулагандай бир өзгөчө сезимге чалкыйт. Чындыгында кыргыз жери өзгөчө бир ажайып жер го, чиркин. Канчалык карасаң да көз кумарың канбайт. Максат көз учунда өтүп жаткан көрүнүштөн бурулуп кете албай, эч токтобой кете бергиси келет. Боомго жете келген Бусик жарым саатка токтоду. Максат бери жагында отурган Абдыжапардан аттап өтө албай туруп калды. Аны сезе калган Абдыжапар:

- Жүрү балам, чогуу тамактанып алалы, - деп сыртты беттеди. Максат саналуу акчасын ойлой, кыйылды. Бирок, чыкпаса да болбойт эле. Кафеге кирişти. Абдыжапар жылмая, жакындап келе калган официанткага:

- Манту, ашлянфу, чайы менен.

Максат:

- Мага пирожки, чай, - дегенде Абдыжапар:

- Ой, сендей жигитке күчтүү тамак керек да?

- Кечиресиз, мен студент эмесминби, жолдук эле акча менен шашылыш чыга калгам. Мага болот.

Абдыжапар болбой:

- Бизге окшош тамак алып келиңиз, - деди. Столго тамак толо түштү. Тартына караган Максатты Абдыжапар жылуу

жүзү менен карады. Тамак ичилип бүткөн соң Максат:

- Ырахмат аба, - деди. Алар өз орундарына отурушту. Боом ичи, бузулган аба ырайына күңүрт айланган булуттар арасынан түндөгү заардуу көз, нурсуз жүздүү адамдын элеси келгенсийт. Капырай, бул ким эле дегендей, Максат өзүнчө ойго тунуп, кыжаалат боло түштү. Ооба, ооба эстеди. Адыл, Сабира. Таяэнеси Анипа да көз алдына тартылды. «Төрткө толдуң, тегеренип кетейиним, өмүрлүү бол», дегени кулагына кайрадан жаңыргансыды. Анын жалооруй карап, чекесинен жыттаганын эстеди. Анда абышкасы Капардын каза болгонуна бир жыл болгон. Ашын тууганадары бириге өткөрүшкөн. Кызы Сабира эртелеп турмушка чыгып, бирок күйөөсү экөөнүн оту күйүшпөдү. Максат аттуу уулун жетелеп кайра келген. Мектепке «уборшица» болуп орношуп, иштемиш болуп жүрдү. «Эне, эс алыңыз» дегендин ордуна Сабира кайра:

- Бир кезде оңураак тамак жасачу элеңиз го, мен бош болсом бир жөн, - деп кабагын бүркөп силкинет. Максат таяэнесин аяп:

- Энем оокоп атат, - десе:

- Бас жаагыңды, - деп чымчып иймеси көндүм адат. Ачуу чыркырап ыйлаган небересине ичи ооруп, көзүн жашылданткан Анипа:

- Ой, өз балаң да, кичине жумшак болсоң, кагылайын, – дейт. Таяэнесинин жүзү өзгөчө мээримдүү көрүнчү. Абышкасы Капардын күйүтүнөн да заардуу тилин безеген кызынын жылуу сөзүн укпай, ичинен сызып жүрүп, жыл айланбай жайында сабиз отоп жатып, көңүлү айнып, жыгылып, ошол бойдон турган эмес. Максаттын чырылдап ыйлаганы эсинде. Кошуналары жалгыз кызы, энем деп бир үйрүлө кабак салганын көргөнүбүз жок деп наразы болушат. Анипанын ашын өткөргөндөн кийин көп өтпөй Адыл деген күлө багып, мурун чертчүдөй колун чычайта шайдоот көрүнгөн бир киши пайда болду. Эки күндүн биринде келип калат. Сабира жумушуна кеткенде Максат жалгыз короосун шыпырып жүргөндө бир аял келди.

- Уулум, үйдө ким бар?

- Апам жумушта.

- Адыл агаңчы?
- Ал эртең келет.
- Бат-бат келип турабы, - десе:
- Ооба,-деди.

Көзүн жашылданта өзгөчө ызалуу караган бейтааныш аял унчукпай чыгып кетти. Максат балалык сезиминде муну оюна алган эмес. Эртеси кечинде келген Адыл өзгөчө заардуу карап:

- Эй шүмшүк! – деп ызырына тиктеди. Сабира келгенде оң карамыш болот. Күндөр өтүп, таяэнесине куран окутканы келген туугандары:

- Жаны тынбай жалгыз уюн, эки-үч коюн, огородун айдап, жаны тынчу эмес эле го? Эми чакан тамынын тарпы чыгып калыптыр. Муну менен кызынын иши жоктой. Бир ооз акыл айтып көрбөйлүбү, - дешти.

- Сакиш, кагылайын, бул үйгө ээ болдуң, уулуң бар. Оңураак карап оңдоочу жолдосуң, турмуш жолуңа туура келсе түгөй да табылар. Ата-энеңдин көзү өткөн үйү.

Сабира:

- Иштен кечке бошобой атпайымбы, күнүмдүк оокат керек да, жалгыз эмесмин, - деп кабак үйүрүп, зиркилдеди.

- Сендей убакта дем алышты билбей, түрдүү иштер, бала-бакыраны багып чоңойтконбуз. Жашсыңар азыр.

Нуруйла таяэжеси көзүн жашылданта карап турду. Туугандары узап кетишти. Адыл ал үйгө ээлик болуп такыр эле чыкпай калган. Сабираны:

- Сатчу нерселерди батыраак сатып, жөнөйлү Туугандарыңдан деле оңураак сөз укпайт окшойм. Сен деп жүрүп мен баарынан ажырадым.

Сабира:

- Жолубуз болсо жакшы, таптакыр үй-жайсыз талаада калбайлы, - дейт.

- Тетиги шүмшүгүңдү туугандарыңдын бирине таштай кетсек жакшы болот эле.

- Алар менин кеткенимди туура көрмөк беле, сенин бар экениңди эч ким көрбөшү керек. Сенин туугандарыңан болсо.

Адыл ойлонуп туруп, анан:

- Бир Сулайка деген жеңем бар, баласы жок. Бирок кийин сурамай жок.

Сөз эмне жөнүндө болуп жатканына түшүнө албай, көздөрүн жалдыратып карап турган баласын байкай койгон Сабира:

- Эй, чыкчы тышка, - деп желкелей тышка түрттү. Акыры ал үйүн сатып жиберди. Бир күнү Адыл:

- Мен баланы баягы жеңеме жеткирип келейин, - деди. Сабира баланы арыдан-бери кийинте койду. Суз гана карап:

- Тентектик кылбай жакшы жүр, - деп узата карап кала берди. Күүгүм ченде автобустан орун алган Адыл Максатты колдон жулка тарта, жанына отургузду. Айыл же шаар экенин билген жок бала, бир жерден түшүп калышты. Адыл ызырына:

- Карачы, сенин айыңан, шүмшүк, бас отура тур, - деп катар кеткен дарбазалуу үйлөрдүн биринин алдындагы карагаттардын арасына отургузду:

- Жылбай отур, өпкөңдү үзөм, - деди. Көзүн жашылданткан Максат буркурап ыйлай албай, калтырай кала берди. Ары-бери түнкүсүн өткөн машиналарга көз сала кыйналып, кыймылдагандан да коркуп, таң атырды. Карагаттуу үйгө кирип-чыккан жан болгон жок. Адыл келип алып кетчүдөй болуп, отура берди. Күн жаркырап тийип, ары-бери өткөндөр көбөйдү. Бир маалда ак калпак кийген бир киши өтүп баратып токтой калды. Карагаттын арасында отурган баланы байкады. Ичинен бул эмне болгон бала деген ойдо балага умтулду.

- Балам, келегой, бери келчи, - деп колун сунду. Бала унчукпай, же ордунан тура албады. Киши колунан тартып тургузду.

- Атың ким, кимдин баласысың, - деди. Бул кишиге жооп берсе эле Адыл жетип келип сабап ийчүдөй. Көзүнөн жашы сызылып кете баштады.

- Коркпо балам, эч жериң оорубай элеби?

- Жок, - башын чайкады.

- Жүрү биздикине, - деп жетелеп жөнөдү. Максат да ага тартылгандай, чогуу басты.

- Кайсы айылдансың, бул жерге ким алып келди?

- Адыл абам. Айтпа деген, - деп элеңдей эки жакка көз жиберди. Үйүнө жеткенде аялы Майраш гүлдөрүнө суу куюп жүргөн экен.

- Жолуң болдубу, Сапарбек?

- Ооба, эрте бара калганым жакшы болбодубу. Тамагыңан жылыта койчу, - деди. Максатты карап, мунусу кимдин баласы эле дегендей карады. Ашканасына киришти. Балалык назиктик менен тартынып, алардын көзүн карайт. Берген тамагын акырындык менен ичип кирди.

- Балам, атың ким?

- Максат.

- Атаңдыкычы?

- Атам жок.

- Апаңчы, апаң барбы?

- Бар, аты Сабира.

- Айылыңды билесиңби, кагылайын?

- Жок.

Максат чыдаган жок, бир буркурап ыйлап жиберди. Кандай таш боор немелер деп ойлоду тигил киши.

- Үйүңө баргың келеби?

- Жок, - деди баланын ыйы күчөп, коркунучтан майда калтырак басты.

- Канчадасың, билесиңби?

- Беште, - деди бала ый аралаш.

Бат эле өз канынан жаралган бала сымал, аралашып кетти. Сапарбек менен Майраштын эки кызы Алина, Камилага кошулуп, бир туугандай болуп кетти. Ырым кылып, кошуна-колоңдорун, туугандарын чакырып, тамак беришти. Заар көздүү, нурсуз адамдын жүзүндөгү муздактык баланын назик сезимине доо кетирип, жан дүйнөсүн да тоңутуп саларда жүзүнөн нуру төгүлгөн Сапарбек аттуу адамга кабылтты тагдыр, ага бала кылды. Атасы бала үчүн бардыгын жасоого аракеттенди. Бала да тартылып, улам жакындап баратты. Бирок ошентсе да баланы тартып кетпегей эле деген коркунуч көңүлүндө эле. Түшүндөгү аян дал келгендей, ата-баланы эч ким бөлө алгыс ажайып таң атты.

# МАЗМУНУ


Чыгармачылык эргүү, адабиятта бийикти каалайбыз!........ 3
Ырлар........................................................................................ 4-107
Аңгемелер 108
Ата ыраазы................................................................................ 109-112
Энелик сезим............................................................................ 112-120
Ажайып таң............................................................................... 120-126

*Роза КЫДЫБАЕВА*

**“ТАБЫЛГАМ”**

**(Ырлар, аңгемелер)**

**Каракол, "Карга аке" басма үйү. 2014-ж.,**
**128 бет. Кыргыз тилинде.**

**Редактору М. САТЫБАЛДИЕВ**
**Тех. редактору Ч. АТАНАЕВА**
**Корректору З. ДЕКЕБАЕВА**
**Компьютерде терген М.МУСАКУНОВА**
**Калыпка салган А. БЕКБАЕВ**

Берилди 25.09.2014. Басууга 24.10.2014. кол коюлду.
Форматы 60х84 1/16. Көлөмү 8 басма табак.
Нускасы 200. Заказ № 447

**"Карга Аке" басма үйүндө даярдалды жана ЖЧК "Дархан фирмасынын" басмаканасында басылды.**
**722200. Каракол шаары, Токтогул көчөсү, 104.**
**Тел.: (03922) 5-23-08. 0553 2315 61**

